**Арыз**

Арыз (даттануу) – бюрократтык башкаруунун курамдык бөлүгү,
жогорку инстанцияларга конфликттерге кийлигишүү же башка кийлигишүүлөр жөнүндө жазуу же оозеки кайрылуу. Арыз жарандарда салыштырмалуу эрксиздик сезимин пайда кылат. Арыз берүү менен жарандын жогоркулардын бийлигин тааныгандыгын, башкаруунун эффективдүүлүгүнө ишенгендигин билгизет. Негизинен, бийликтин башы тартип, чындыктын, адилеттүүлүктүн булагы катары таанылгандыктын күбөсү.

**Маалым кат**

Маалымкат – бул адамдын иштеген, жашаган жерин, окуусун ж.б. ар түрдүү абалын тастыктоо үчүн жазылган расмий иш кагазы. Ал жарандын ишмердүүлүгүндө кеңири пайдаланылуучу иш кагаздарынан болуп саналат. Маалымкат колдон жазылышы же атайын стандарт бланкта толтурулушу мүмкүн. Маалымкат жетекчинин атынан жеке кишиге же жеке кишинин атынан мекемеге (мекеменин жетекчисине) берилет. Анткени бериле турган маалымкат атайын иш кагазы болуп саналат, ошондуктан ага экиден кем эмес кол коюлууга, мөөр жана штамп басылууга тийиш.Маалымкат өзүмдүк жана кызматтык болуп эки түргө бөлүнөт. Өз кезегинде кызматтык маалымкат: *ички кызматтык маалымкат* жана *тышкы кызматтык маалымкат* болуп бөлүнөт.

**Мүнөздөмө**

**Мүнөздөмө** — каармандарга, ар кандай көрүнүштөргө, буюм-теримдерге берилген баа, алардын башкы белгилерин мүнөздөп берүү. Эгерде бул нерсе автор тарабынан берилсе, автордук мүнөздөмө, каармандар өз сөздөрү менен өздөрүн мүнөздөсө, речтик -мүнөздөмө, каармандар бири экинчисинин сапат белгилерин көрсөтсө, каармандар аркылуу берилген мүнөздөмө, ал эми автор тышкы портрет менен ички белгилерди бирдей ачып көрсөтсө, жалпы мүнөздөмө деп аталат.

**Протокол**

Иш кагаздар өзүнүн көлөмү боюнча, текстинин узундугу жана мазмуну боюнча, татаалдыгы жана жөнөкөйлүгү боюнча татаал жана жөнөкөй болуп бөлүнөрүн белгилеп кетүү керек. Ошондуктан протокол өзүнүн түзүмү боюнча татаал иш кагаздарына таандык.
Ар кандай чогулуштар (расмий, расмий эмес) катышуучулардын курамы, анда чыгып сүйлөгөндөрдүн аты-жөнү, сөздөрүнүн, бул чогулушта кабыл алынган чечимдердин же токтомдордун кыскача мазмуну протокол деп аталган иш кагазы менен жол жоболоштурулат. Демейде мындай чогулуштардын, кеңешмелердин же отурумдардын протоколу анда каралган маселелердин маанилүүлүк даражасы боюнча жылдын же жарым жылдын жыйынтыгы боюнча түзүлүп, бүткөрүлгөн иштер жөнүндө жетекчилер отчет беришет. Бул мекеменин, ишкананын ишкердиги канчалык деңгээлде жүргүзүлгөндүгүнүн далили болуп саналат. Протокол төмөнкүдөй түзүмдөрдөн турат:
1. Киришүү бөлүгү
2. Негизги бөлүгү
Протоколдун киришүү бөлүгүндө чогулуш качан, кайда, саат канчада өткөрүлөрү, катышуучулардын саны, күн тартиби көрсөтүлөт.
Негизги бөлүгүндө иш кагазынын тексти келтирилет. Ошондуктан чогулушта карала турган маселелер өз ара байланышта болууга,
катышуучулардын сөздөрү кыска, так жана логикалуу баяндалууга тийиш. Сүйлөгөндөрдүн аты-жөнү кашаанын ичине алынат.
Протоколдун экинчи, негизги бөлүгү 3 бөлүктөн турат:
1. Угулду.
2. Сүйлөштү.

3. Токтом кабыл алынды (токтом кылышты).
Протоколдун ар бир бөлүгүнүн милдети болот. «Угулдунун» биринчи бөлүгүндө күн тартиби көрсөтүлүп, маселелер кезек-кезеги
менен келтирилет. «Сүйлөштүнүн» экинчи бөлүгүндө жарыш сөзгө чыккандардын сөздөрүнүн мазмуну кыска баяндалат. «Токтом кылыштынын» үчүнчү бөлүгүндө чогулуштун жыйынтыгы чыгарылып, маселенин токтом кылынган ар бир бөлүгү араб цифрасы менен катар белгиленип, абзацтан башталат.
Протоколдо негизинен төмөнкүдөй маалымдаректер пайдаланылат:
1. Чогулуш өткөрүлүүчү мекеменин аталышы.
2. Иш кагазынын аты жана анын катар номуру.
3. Чогулуш өтүүчү күнү, айы, жылы.
4. Чогулуштун өтүүчү орду (айыл, шаар).

5. Чогулуштун төрагасынын аты-жөнү.
6. Чогулуштун катчысынын аты-жөнү.
7. Чогулушка катышуучулар (саны)
8. Күн тартиби.
9. Талкууга коюлган маселелер.
10.«Угулду» бөлүгү.
11.«Сүйлөштү» бөлүгү
12.«Токтом кылынды» бөлүгү.
13.Тиркеме.
14.Чогулуштун төрагасынын колу.
15.Чогулуштун катчысынын колу.
Мындан көрүнүп тургандай маалымдаректердин көп саны протоколду жол-жоболоштуруунун татаалдыгын далилдеп турат. Формасы боюнча протоколду жазуу кыска, толук стенографиялык жана фонографиялык болуп бөлүнөт.

**Өмүр баян**

**Өмүр баян** же **таржымал** — адамдын өмүрүндө болгон негизги окуяларын сүрөттөмөсү. Автобиография менен адаштырбоо керек.

Өмүр баян жеке адамдын социологиялык маалыматтын булагы болуп саналат жана анын кандай адам экенин, улутун, психологиясын тастыктай алат. Адабият таанууда жазуучунун өмүр жолу өтүлөт. Бул же тигил акын же жазуучунун чыгармачылыгын изилдөө ишинде, аны үйрөнүүдө өмүр баяндык далилдерин, турмуштук окуялардын мааниси чоң. Азыр бизде «Өрнөктүү адамдардын өмүрү» деген адабияттардын тизмеси чыгып жатат. Алардын ичинде акын жазуучулар да бар. Кийинки жылдары бизде Алыкул Осмоновдун, Жусуп Турусбековдун чыгармачылык өмүр жолуна арналган К. Жусуповдун «Ыр сабындагы өмүр», С. Бөлөкбаевдин «Биздин Жусуп» деген биографиялык мүнөздөгү чыгармалары жарык көрдү. Кыргыз жазуучулары өмүр таржымалдуу мүнөздөгү чыгармаларды жазууга активдүү кирише баштады.

Ошондой эле өмүр баяндын: Илим өмүр баяны,

Көркөм өмүр баяны,

Белгилүү өмур баяны ж.б. ушул сыяктуу түрлөрү бар.

Өмүр баян жазууда төмөнкү элементтер колдонулат:

1. Фамилиясы (атасынын аты);

2. Туулган жери, айы, күнү, жылы;

3. Наамдары, атагы (алган күнү жылы);

4. Билими (бүткөн жылы);

5. Кесип тандоодо таасир тийгизген шарттар;

6. Жогорку билими,аскердик наамы,илимдеги даражасы;

7. Ата-энеси,бир туугандары жөнүндө кыскача;

8. Илим билимдеги өмүрүнүн негизги этаптары,дипломдору;

9. Жогорку даражадагы мактоо сыйлыктары (алган күнү,жылы)

10.Белгилүү окуяларга катышуусу.

**Жусуп Баласагындын ‘’Кут алчу билим''**

**поэмасынын идеясы**

**Жусуп Баласагын** — 1016ж, Караханиддер мамлекетинин борборунда Баласагун шаарында атактуу жана бай үй-бүлөдө туулган.Турмушу тууралуу башка маалыматтар аз сакталган. Философия, математика, дары-дармек, астрономия, астрология, көркөм өнөр, адабият, тил илими жана башка илимий тармактарынын өнүгүүсүнө зор салымын кошкон. Жусуп Баласагын араб, фарс жана башка тилдерде окуган, жазгандарга үлгү кылып өз китебин жазып баштаган жана дүйнөлүк адабият, маданиятка "Кутадгу билим" (Кут алчу билим, же Куттуу билим) аркылуу таанылган. Жусуп Баласагын бул поэманы хиджра боюнча 462 жылы, (1070-жылы) жазып бүтүргөн. Дастан «Хандардын ханы» Карахан мамлекеттин негиздөөчүсү (942 - 1210) Сулайман Арслан-ханга (908 - 955) тартууланган. Ошол себептен Жусуп Баласагынга "чыныгы хажиб" - же "чыныгы адис" деген наам берилип, "башкы кеңешчи" кызматына дайындалган. Дастандын бизге жеткен үч нускасы бар. Биринчиси Герат шаарында, 1439-жылы байыркы уйгур жазуучусу менен такталган (азыр Клостернойбург ройал китепканасында сакталуу), экинчи Катарда, 14-кылымдын 1-жарымында (Египет Кедиван китепканасында) көчүрүлгөн. Ал эми үчүнчү нуска 12-кылымда Наманган шаарында араб жазуучусу менен кагазга түшүрүлгөн. Бул кол жазма Ташкентте Чыгыш таануу институтунда сакталып турат.

**«Кутадгу билиг»**

«Кутадгу билиг», «Кут алчу билим» же «Куттуу билик».

Теңир тоодогу түрк элдеринин даанышман акыны жана ойчулу Жусуп Баласагындын 1069-1070-ж. Баласагун шаарында жазган саясий-философиялык дастаны. Анын үч көчүрмө нускасы белгилүү. Бири 1439-ж. Герат шаарында (азыркы Түндүк Афганистанда) уйгур жазмасы менен даярдалган (Вена шаарында сакталууда). Экинчиси XIV к. биринчи жарымында араб жазмасы менен даярдалган Каир нускасы, булардын эң байыркысы - Наманган (Фергана) нускасы ХП к. аягы ХШ к. башында араб жазмасы менен көчүрүлгөн. «Кутадгу билиг». азыр бир катар тилдерге (немец, түрк, орус, өзбек, уйгур, англис, кыргыз ж. б.) которулган. «Кутадгу билигдин» жалпы көлөмү 13444 ыр сабын түзөт, андан тышкары кара сөз түрүндө жазылган чакан кириш сөзү бар, дастанда өлкөнү кантип башкаруу, кантип туура саясат жүргүзүү керектиги айтылат. Ал өтө бай тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык, социологиялык ж. б. энциклопедиялык маалыматтарды камтыйт.

2014 жылы 15- январда Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасынын сейрек кездешүүчү жана өзгөчө баалуу басылмалар бөлүмүндө “ Түрк сөзүн түрлөткөн алп акын Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим” дастанына 945 жыл” атуу китеп көргөзмөсү коюлду.
Түрк тилчиси Р.Р. Аратанын (1900-1964) эсебинде “ Кутуу билиг” дастанын аяктаганда анын автору 54 жашта экени анык болсо, Жусуп Баласагын 1015-1016 жылдары жарыка келгендиги айтылат. Неси болса да хиджири боюнча 462-жыл биздин доор боюча 1069-1070 жылдары өзүнүн “Кутуу билик” дастанын жараткан даанышман акын Жусуп Баласагын сары өзөн Чүй жазыгынын алкымы, Чүй дайрасынын боюна жайгашкан байыркы Токмок кааласынын түштүк- батышыраак тарабындагы азыркы Бурана аталган Баласагын калаасынын перзенти.

Учурунда Бухарадан кенен жерди ээлеген, көркөм имараттуу, бийик мунаралуу, мечит- медреселүү, сепилдүү, гүлдөгөн Баласагын калаасында төрөлгөн Жусуптун балалык чагы, жигиттик курагы калкы негизинен түрк жана согду тилинде сүйлөгөн, өз заманында рухий маданияты менен өнүккөн чөйрөдө өскөнү, жаратылышы кооз аймакты жердеп, сөз өнөрүн өнүктүрүп, сөз күчүн ченемдеген, көчмөн уруулардын тиричилигин, кулк- мүнөзүн, тилин, дилин, өнөр-билимин кеңири изилдеп, жедеп жетилген кезде колго алгандыгына өзүнүн “Кутуу билигин” он сегиз айда жаратканы белгилүү.
Мындан тогуз кылым мурда жаралган”Кутуу билик” дастанынын автору Жусуп Баласагын өзү аныктагандай: төрт өзөк бул китепти түзгөн негиз:
1. Адилет- күн тууду өкүм бийликти ак өтөөгө милдетүү ак жолду жаза баспас адил, өкүмдар аким

ысмы.
2. Айтолду- өкүмдар акимге ырыс, дөөлөт берээр башкы вазир ысымы.
3. Акдилмиш- ак караны айра билген, дили ак таза адам.
4. Өткүрмүш-байлыкка, мансапка кызыкпас, кумарга алданбас каниет ысмы.
Жусуп Баласагын китебин Кашкарда бүтүрүп, Чыгыштын өкүмдары Тавгач-хандын ордосуна тартуу кылды, өкүмдар ага зор урмат сый көрсөтүп, хас-хаджиб наамын берген.
Тавгач Кара –Буурахан "Кутадгу билигди" бир нече нускалап көчүртүп, коңшулаш мамлекеттердин өкүмдарларына сый катары белекке берген. Ошондуктан "Кутадгу биликтин" үч нускасы сакталып калып, биздин күнгө жетип отурт.
"Кутадгу билиг" дастанындагы эң негизги маселелердин орчундуусу Карахандар мамлекетинин саясий экономикалык, аскердик коргонуу ж.б. жагын чыңдоо, маданиятты өнүктүрүү, илим- билим алуу, адеп-ахлаттыкты жана өлкөнү жакшылап, калыс башкаруу идеясы түзөт. Жусуп Баласагындын "Кутадгу билик" дастанынын эң негизги идеялык маанисин ушундайча түшүнгөнүбүз оң жана жөндүү болот.
Бул көргөзмөгө китептер, макалалар, эскерүүлөр, баяндамалар, очерктер коюлду.

Жеңижок Өтө Көкө уулу (1860-1918) — кыргыздын залкар төкмө акыны.

## Кыскача өмүр таржымалы

Ырчы, төкмө акын Өтө Көкө уулу 1860-жылы Талас өрөөнүндө Кара-Буура районундагы Жийде айлында туулган. Анын айылын азыркы Кыргызстандын Талас облусуна караштуу Манас районундагы Сары-Көбөн айылы катары да көрсөтүшөт.[1]

Ал кыргыздын кытай уруусунун чоодан уругунан болгон.

Жашынан томолой жетим калып, Аксы, Анжиян тараптагы таякелеринде, кийин Кара-Суу кыштагындагы жакын таякеси Айныкеникинде жүргөн.

Өтө Көкө уулу жаштайынан тоголок жетим калып турмуштун тозогун көп тарткан. Анысы аз келгенсип, ала оорусуна чалдыгып калат. Ошондо айылды бийлеп турган бир бай жугуштуу оорудан коркуп, баланы өлтүрүп салууну буюрат. Бирок жаш балага кол көтөрө албаган байдын жигиттери аны соодагерлерге кошуп, качырып жиберишет.

Ал Аксы жергесинин Кара-Суу кыштагына энеси Алтынайдын туугандары тарапка жер которуп келген. Өтө өмүрүнүн акырына чейин ошол жерде жашап өтөт.

Ырчы атыгып калганда Фергана, Кетмен-Төбө, Талас өрөөндөрүн кыдырган.

## Жеңижок атыгышы

Жаш акын Өтө Көкө уулу өз достору менен Кербендин базарына кирип калып, ал жерде топтошкон элдин ортосунда ошол кездеги атактуу ырчы Нурмолдо тиги дүйнөдөгү бейиштин жыргалчылыгын ырдап, тозокко түшкөндөрдү эмне күтүп турганын саймедиреп жаткан болот.

Ал сөзүнүн аягына чыкканда жеңи чолок кемселчен жаш ырчы комузун колуна алып, өзүнөн улуу акынга салам айтып шаанисин кылып, андан соң ушул дүйнөнүн жыргалын, биздин жердин бейиштен сулуулугун ырдап, малдуу-жандуулар, ырчылык менен молдочулукту ажырата билүүсүн айта кетет. Ошондо Нурмолдо тили так, сөздү орду менен таба билген акылы терең жигиттин сөзүнө жыгылган дешет.

Чогулган эл кемсел кийген жаш ырчынын аты-жөнүн билбегендиктен, "Бул жеңи жок таап айтты. Жеңи жок кыйын ырчы экен!" дешип, ошондон тартып баягы ырчы Жеңижок аталып, элге таанылган. [2]

Жеңижок заманачыл акын жана ойчул Арстанбек Буйлаш уулунун да батасын алган.

Жеңижок 1918-жылы Жаңы-Жолдо (Аксыда) дүйнөдөн кайткан.

## Чыгармачылыгынын өзгөчөлүгү

Жеңижок тарбиялык мааниси терең, уккандын акылына уюй турган кептерди уйкалыштырып айткан чоң нускоочу акын, айтыштын жеңилбеген устаты, «Манас», «Семетей(жеткиликсиз шилтеме)», «Кожожаш»(жеткиликсиз шилтеме), «Эр Төштүк»(жеткиликсиз шилтеме) сыяктуу дастандарды күндөп-түндөп айткан жомокчу, жаза жана окуй билген билимдүү адам болгон.

Таанымал шакирти, акын Коргол Досуевдин:

Ак калпактуу кыргыздан,

Айтышаарга теңи жок…

Эки жаактуу пендеден

Эрегишээр теңи жок.

Элдин анык булбулу,

Элеп төккөн чени жок, - деген сөздөрү да Жеңижоктун чеберчилигине берген бийик баасын көрсөтөт.

## АККАН СУУ ТЕМАСЫ АДАБИЯТТА

Аккан суу дегенде, дароо оюңа Жеңижок акындын ыр саптары келет: Жер, ааламдын баарысын, Багып жаткан аккан суу. Адам менен Обону, Багып чыккан аккан суу. Ай, аккан суу, аккан суу, Ай-ааламды баккан суу. Сыр-Дайрадай кең жатып, Сыр аякка баткан суу. Аалам кубулушу, жаратылыш сырлары, табият көрүнүштөрүн таасын чагылдырган бул философиялуу дастан - «Жети күн, бир түн айтсаң да, түгөнбөй», Ч.Айтматов белгилегендей, «нөшөрлөтө төгүп ырдаган акындын керемет касиетинин» далили. «Аккан суу» - Жеңижоктун аалам, табият, жаратылыш жөнүндөгү философиясынын жеткен чеги. Мында жылдын төрт мезгилиндеги табият кубулуштарынын маани-маңызы, адам жана аны курчап турган аалам сырлары чечмеленет. Жер бетинде тиричилик улаган ар бир жандуу, жансыз нерселерге өмүр отун жаккан -аккан суу.«Зоодон сынбай бир жери, кулап түшкөн аккан суу, аяк башын кулатпай, улап түшкөн аккан суу» ай-ааламды багып, өмүрүн улайт. Тоодон аккан жеринен, Жаралганда тегинен, Улук болгон аккан суу. Тазалыгы жагынан, Тунук болгон аккан суу. Өмүр отун тутантып, Жагып чыккан аккан сууну бүтүндөй тирүү жандыктын жашоо мүрөгү экендигин баяндаган бул поэтикалык кудурети күч чыгарма - улуттук асыл мурастардын классикалык үлгүсү. Суунун касиети, кудурети, улуулулугуна табынган залкар жазуучубуз Ч.Айтматов адам баласын аруулукка жетелеген «Ак кемесинде» Баласын сулуулукка, табиятка ынак кылып жаратат. «Бала суу менен ынак. Суу боюнда жашап, жайында күн сайын сууга түшүп турат, ызаланганда көз жашын көрсөтпөшкө суу бойлой чуркайт. Эң эле ыйык жаныбарын - маралдарын суу жээгинен көрөт, алар суу ичип турган,…Бала менен маралдардын ортосунда кашка суу турат, маралдардын үнү суу үстүнөн толкуйт, анын сөзүн эч ким укпаганда, ындыны суу сепкендей өчөт. Анан дагы Баланын эңсөөсү – сууга кирүү, бул дүйнөнү таштап, суу дүйнөгө кетүү, ошондо Бугу эне суу жээктеп Баланы ээрчип жүгүрөт, баланын атасы сууда, эңсеген идеалы Ак кемеси да сууда. Өмүрүнүн эң соңку ирмеминде да суу жээгине түшөт, сууга кирет, суу менен сүзүп кетет. Суу - аруу жашоонун, таза болуунун, өмүрдүн символу. Эл ичинде: «Түшүң дө сууга аксаң, өмүрүң суудай узун болот экен». Азыр деле өзүбүз чарчаганда, кыжаалатчылыгыбыз ашынганда, суу бойлоп кетебиз. Жайында эс алууга Ысык-Көлгө жөнөйбүз. Суунун адамдын терс энергиясын алып, жандүйнөсүн тазалай турган касиети бар. (Дарыгерлер деле чарчап-чаалыгып, маанайың чөгүп, жаның жай таппай турганда бир чака сууну үстүңөн шар куюнганды сунушташат). Ушул эле чыгармадагы «Бугу эне» жомогунда Майрык Чаар жезкемпир кыргыз тукумунан калган уул бала, кыз баланы «Арам ойго кире элек, арамдыкты биле элек маалыңарда, таза бойдон кеткиле» деп, жардан сууга түртүп жибererде, Бугу эне сурап алып, жонуна мингизип, алып жүрүп отуруп, Ысык-Көлгө алып келет. Ыйык көлдүн жээгинде кыргыз тукуму уланат. Ал эми «Деңиз бойлой жорткон Ала Дөбөтүндө» деңизде башталган өмүр бир күнү деңизде аяктарын сезип, ага кабатырланбаган, жаратылыштан сулуулукту, кайталангыс кооздукту көрө билген, билими болбосо да, тарыхый аң - сезими жогору Органдын образын жаратып, учурдагы илим-билимдүү «Орозкулдарга» үлгү катары каршы коет. Суу - ыйык, суу-улук. Суу жээгиндеги аң чыларын ачык деңизге узатып коюп, кайра тынчы кете деңиз бойлой жүгүрүп, чакырып турган Ала-Дөбөттө жашоо суу өмүрүндөй улана бермекчи. Ал үчүн Органдай, Эмрайындай, «Кылым карытаар бир күндөгү» Эдигейдей Алтын мекре, Айым Балыктай ыйыктыктарга ишенип, аны издеген, эстетикалык, моралдык баалуулуктарды жүрөгүнүн терең инде жашата алган адамдардын саны арбын болушу зарыл. Талдап отурсаң , Майрык Чаар жезкемпир Кассандраны эске салса, Мүйүздүү Бугу эненин трагедиясы - Аралдын, Байкалдын, Азовдун, Американын улуу көлдөрүнүн, Бразилиянын тропикалык токойлорунун трагедиялары. Мындай экологиялык кризистерди өлкөбүздүн ар бир регионунан табууга болот. Арстанбап сыяктуу жаң гак токойлорубуз убактылуу кыйынчылыктарга шылтоолонуп, кыркылып, таланып, кээси чет мамлекеттерге чейин сатылууда.Бир кездерде кыргызды тукум курут болуудан сактаган бугулардын мүйүздөрүн мүрзөлөргө орнотуу жетишкендик катары бааланса, учурда жаңгактын жыгачынан эмеректерди, сувенирлерди жасатууга умтулгандар көбөйдү. Техногендүү цивилизация азыркыдай темпте жана көрүнүштө өнүгө берсе, 2050- 2100-жылдардын чегинде

экологиялык катастрофага учураарыбыз тууралуу божомолдор айтылууда. Планетанын дем алуучу органы делген тропикалык токойлордун космикалык ылдамдыкта кыркылып жок болуп баратканына кайдыгер карабашыбыз керек. Адамзатты, ааламды ядролук, экологиялык алааматтардан сактоо үчүн, акыл-эсти моралдык, нравалык, материалдык жактан өркүндөтүүбүз зарыл.«Ысык-Көл» форумунун (1986- жыл,13-16-октябрь) 1-жыйынында Ч.Айтматов маектешүү, талкууларга «Чыгармачылык аркылуу аман калуу» деген шарттуу теманы девиз кылууну сунуштаган. Ал: «Адам рухучыгармачылыктын жыйынтыгы, жемиши. Тиричиликти улам демитип, кысып келе жаткан коркунучтун алдында тунук аң -сезим касташуунун жана жек көрүшүүнүн сокур инстинктинин үстүнөн артыкчылык кылат деп ишенип, акыл-эске таянуудабыз. Акылэстин өзүн-өзү чексиз өркүндөтүүгө, чексиз эволюцияга жөндөмдүү болуп калгандыгы үчүн улуу тириликке таазим», - деп сүйлөгөн форумдагы кириш сөзүндө. Демек, биз ой жүгүртүүнүн жаң ы жолуна түшүшүбүз абзел. Америкалык жазуучу Джеймс Болдуин: «Адам өзүн коопсуз сезиш үчүн, өз үйүнүн керегелерине дагы, ал түгүл бүтүндөй бир мамлекеттин чек аралары менен да бекинип отура албай калды. Жаң ыча ой деген – бул биз баарыбыз, биздин ар бирибиз өзүбүздүн кара башыбыз аман калышы жөнүндө эмес, бүткүл адамзаттын кантип аман калышы жана гүлдөшү жөнүндө ойлошубуз», - деген пикирин бөлүшкөн. 12 өлкөдөн келген дүйнөлүк интеллектуалдардын Ала-Арча капчыгайында башталып, касиеттүү көл жээгинде аяктаган бул жыйыны коом турмушундагы эң маанилүү окуя болуп калды. 2003-жылдын август айында көгүлтүр Ысык-Көлдүн жээгинде өткөн кыргыздардын бүткүл дүйнөлүк курултайы адаттан тыш гимн, же резолюция менен эмес, тереңдетилген экологиялык көркөм текст менен жыйынтыкталган. Мамлекет жетекчилери Айтматовдон бата берип коюусун өтүнүшкөндө, улуттук маданиятыбыздын патриархы элибиздин тоолорго, сууларга, Ысык-Көлгө болгон сүйүүсүн, сый-урматын айкындаган, атайын курултай үчүн даярдалган ыр саптарын үн чыгара окуп, ал эми курултайдын катышуучулары аны дубадай үн чыгара кайталашкан. Ала-Тоого табынуу жөнүндө айтып келип: Ысык-Көлдүн тунуктугу асмандан, Ысык-Көлдүн тереңдиги ааламдан, Ысык-Көлдүн кенендиги теңирден, Ысык-Көлдүн касиети кудайдан. Толкундай бер, Ысык-Көл, Тоо арасын жайкалта бер , Ысык-Көл, Түбөлүктүн күзгүсү сен - Ысык-Көл. Ак батамды кабылдагын, Ысык-Көл, Жакшылыкта, тазалыкта, тынчтыкта, Чайпала бер, толкундай бер, Ысык-Көл! Табынабыз, Ысык-Көлгө табынабыз, Сыйынабыз, Ысык-Көлгө сыйынабыз, - деген сөздөр менен жыйынтыктаган. Мындай тарбияны, түшүнүктү, көз-караштты дилине сиңирген адам табиятка, сууга таш боор мамиле кыла албайт. «Агын сууда арам жок» деген көөнө түшүнүк өзүнүн нукура маанисинде калыш үчүн, «Таза болсо, суудай болгон», ыйманы таза, жан-дүйнөсү аруу адамдар көп болуш керек. Жеңижок акыныбыздын асыл ойлорун терең дете түшүндүргөн саптар Тоголок Молдонун «Жер жана анын балдарында» кезигет: Жан бүткөндүн баарына, Насип болгон аккан суу, Жардам берип баарына, Азык болгон аккан суу. Түк токтобой ырыскы, Берип турат аккан суу. Мезгил көрсөткөндөй, эгер сууга суудай таза мамиле кылбасак, «түк токтобой келип турчу ырыскыбыз» да өксүп – кемип каларын байкап жатабыз. Арал деңизинин соолушу, Кыргызстаныбыздын бермети Ысык-Көлүбүздүн суусунун курамында зааранын процентинин жогорулугу, жыл сайын жээктеринин тартылып баратышы, жаныбыздагы эле Ак Бууранын абалы кооптондурбай койбойт. Таштандыларды төгүп, унааларды, итмышыгыбыздан бери сууга алып барып жууп, таза пайдаланбагандын азабынан, учурда шаарыбызда эпидемиялык жугуштуу оорулар көбөйүп, ич келте, сарык оорулары тынчыбызды алууда. Буруп алсак, оюбузга көнүп, сугарсак, жайкалып эгинибиз өнүп турган, суусасак, жагымдуу, балдан таттуу аккан суубуз бүгүн жалпыбыздын камкордугубузга муктаж. Жок дегенде, бир күнгө , Келбей койсоң таарынып, Кесирленип жүргөндөр, Чуркайт эле ак уруп. Бирок, сен андай эмессиң , Чалкып жаткан кененсиң , Керектеген жандуунун, Кызматына беленсиң, - деген саптардын маани - маң ызын аң дап, асылдыктарга ак пейил менен, астейдил, аяр, сарамжал мамиле кылууга, табият улуулугунан үлгү алууга милдеттүүбүз. Өзүндөй кең пейил, тегиз, тунук, таза, камкор болбосок, суу каарданса, «жердин жүзүн термелтип, күң гөйдөгү таш агып, байлап койгон сал агып, көпүрөлөр дагы агып, кечип кирген мал агып, байкабаган жан агып», заматта алаамат болуп кеткенине дагы күбө болуп жүрөбүз. Адамзат пендеси, Аккан сууну булгаба, Суу сыйлаган зор болоор, Суу кордогон кор болоор. Акыл менен ойлоп ал, Айткан жокмун тим гана, - деген эскертүү тегин жерден айтылбаган.

Жаңылмачта: Суу боюнда дарак өсөт, суусуз калса, араң өсөт, сууну дайым карап өсөт, сулуу чачын тарап өсөт, - делет. Жайкалып өскөн дарак, чайпалган суубуз биздин сергек жашообузга дем берип, өмүрүбүзгө мүрөк болуп берсин. Ичээр суубуз түгөнбөй, өмүрүбүз аккан суудай узун болсун. Өмүр-дайра, убакыт бер кечкенге!

**Токтогул Сатылганов-демократ акын.Санат –насыят ырлары**

**Өмүр баяны**

Токтогул Сатылганов Жалал-Абад облусунун Кетмен-Төбөсүндө туулган. Он үч жашынан эле айыл арасында ырдай баштаган. Акындын лирикалык жанрдагы "Алымкан", "Насылкан", "Кызыл жоолук" аттуу ырлары күнү бүгүнкүгө чейин өзүнүн баасын жоготпой ырдалып келет. Өз заманынын аң-сезимдүү, кыраакы, терең ой жүгүртө билген инсаны катары Токтогул элдин кайгы-муң, ой-санаасына себепкер социалдык калыссыздыкты, курч маселелерди көз жаздымында калтыра алган эмес. Мисалы, атактуу "Беш каман" аттуу ыры менен элди эзип, күн көрсөтпөгөн беш бир туугандарды сынга алган. Токтогул өз чыгармаларында жашоо-турмуш жөнүндө философиялык көз караштарын да чагылдырган.

Токтогул элдик оозеки чыгармачылыкта салттуу болуп эсептелген санат, арман ырларын ирилетип, чоң чыгармаларга айланткан. Анын ырчы-төкмөлүк жактан калыптанышына улуу курактагы акын-ырчы, комузчулардын устаттыгы чоң таасир берген. Алардын катарында атактуу Эсенаман, Ниязаалы комузчу, Сары Ырчылар бар.

1882-жылы Токтогул Дыйканбай аттуу манаптын Арзымат деген ырчысы менен айтышка чыгат. Бул айтыш эл арасында азыркыга чейин айтылып калган. Анда 18 жаштагы өткүр, сөзү курч Токтогул өзүнөн бир топ жаш улуу дасыккан ырчыны жеңип кетет. Акындын өмүр баянын изилдөөчүлөр бир ооздон белгилегендей, ошол айтыш кайсы бир деңгээлде анын тагдырын чечип, төкмө акын терең ойлуу, курч сөзгө да, комузга да шыктуу, үнү да мукам ырчы эле эмес, эл таламын талашып, кедей-кембагалдын мүдөөсүн бий менен байларга жар салган акын катары таанылат. Ал ошонусу менен эл башкаруучуларга жагалданып, аларды мактап күн көргөн "ырчы" аттуулардын көздөрүн далай кызыткан.

1884-жылы Токтогул үйлөнүп, Топчубай аттуу уулдуу болот. Уулу төрөлгөн соң акын энесинин туугандарынын айылы Ийри-Суу деген жерге көчүп келип, 1898-жылы Андижан көтөрүлүшүнө катышты деген жалаа менен камакка алынып, Сибирге сүргүнгө айдалып кеткенге чейин жашап калат.

Ошол кездеги салт боюнча ар бир болуш-бийдин жан-жөкөрлөрүнүн катарында аны мактап, эл чогулган жерде жар салып турган ырчысы болгон. Токтогулдун талантына тамшанган далай бай-манаптар аны өзүнө ырчы кылгысы келген деп айтылат элде. Бирок Токтогул эч кимисине баш берген эмес. Аларга башын ийип жагынып, же алардын кокту толгон малын, сандыгы толгон дүнүйөсүн мактап ырдап кошоматтык кылган эмес. Акындын өмүрүн изилдөөчүлөрдүн пикиринде, анын сүргүнгө жалган жалаа менен айдалышына дал ушулар себеп болгон.

Токтогул Сибирде да өз өнөрүн таштабай, токойдо дарак кыйып жүрүп, кайындан комуз чаап кыргыздын ырлары менен кошо орус ырларын да чертип, өзүнө окшоп эркинен ажырагандардын көңүлүн көтөрөт. Токтогул Иркутскинин түрмөсүндө жети жылдай жатат. Бир нече жолку аракеттен кийин ал өзүнүн түрмөлөштөрүнүн жардамы менен качып чыгып, жөө-жалаңдап бир топ жыл дегенде өз мекенине жетет. Жолдо казак жеринде эле Токтогул деген атты уккан карапайым эл ага жардам кылып, курсагын тойгузуп, баш паана берип, колунан келгени атын миңгизип, ал эптеп айылына келет. Бирок азып-тозуп эптеп элине жеткен Токтогулду үйүндө да кайгы күтүп алат. Кичинекей уулу Топчубай каза болуп, жубайы башка менен турмуш куруп кетет. Аны эки көзү тең күйүттөн көрбөй, жаман алачыкта жалгыз калган энеси тосуп алат. Бирок эрки күчтүү, кайраттуу, сабырын колдон чыгарбаган Токтогул баарына туруштук берет. Элине, жашоого, акындыкка болгон сүйүүсү жеңип чыгат.

1910-жылы алыскы сүргүндөн качып чыккан Токтогул мекенине совет бийлиги менен тең чамалаш жеткен деп айтылат анын өмүр баяны жөнүндө түрдүү булактарда. Эл үмүтүн жандырган жаңы замандын келишин даңазалаган ырлар ошол кездеги Токтогулдун чыгармачылыгынын өзөгүн түзүп, анын ырлары элдин добушуна айланат.

Токтогул Сатылгановдун алгачкы "Кедейкан" аттуу китеби 1938-жылы Казань шаарында басылып чыккан. Ага чейин 1928-жылы Кыргыз автономиялык Республикасынын Агартуу боюнча элдик комиссариаты Токтогулду Фрунзеге чакыртып, комуз менен аткарган 18 чыгармасын жаздырып алган.

Ырлары ар кандай тематикада болгон. Алгачкы ырлары "Алымкан", "Чакырбай сүткор", "Беш каман", "Эшен-калпа" аттуу жана башка көптөгөн ырларды аткарган. Кийинчерээк акын "Эмне кызык", "Гүлдөп ал", "Санат", "Терме" сыяктуу нускалуу ырларды ырдаган. Бай-манаптарды, эшен калпаларды сындаган көп ырлары бар. 1898-жылы Сибирге сүргүнгө айдалган, анда жүргөндө: "Туткун ыры", "Ушундайбы сурагын", "Качып келе жатканда" жана башка ырларды чыгарган. 1903-жылы сүргүндөн келгенден кийин "Энсеген элим аманбы", "Апакем аман барсыңбы" жана башка ырларды ырдаган. Октябрь революциясынан кийин жаны түзүлүштү даңазалаган. Токтогул айтыш жанрындагы ырлардын чоң устаты. "Манас" эпосун, кенже эпосторду да айткан. 1938-жылы алгачкы ырлар жыйнагы жарык көргөн. Кийин ырларынын эки томдугу кыргызча, эки томдугу орусча, бир томдугу французча чыгарылган. 1933-жылы 69-жаш курагында туулган жеринде дүйнөдөн кайткан.

## Чыгармачылыгы

Токтогулдун "Эмне кызык?", "Гүлдөп ал" сыяктуу лирикалык ырлары, жакшы жүрүм-турум, улуу-кичүүнү сыйлоо сыяктуу таалим-тарбиялык маанидеги "Үлгү ыры" сыяктуу санат, насыят ырлары эл оозунда калган. Айтылуу "Алымканды" да Токтогул жараткан. Айылдын сулуусу, ажарлуу Алымканга болгон акындын аруу сезими, экөөнүн тең күйүттүү тагдыры тууралуу 1965-жылы да көркөм тасма тартылган.

Акын "Элиме качан жетемин?", "Туткундагы арман", "Айланган тоонун бүркүтү", "Ушундайбы сурагың?", "Азапка түштү өмүрүм" сыяктуу сүргүндө жүрүп кайгыга, өз жерине болгон кусалыкка, акыйкаттын жоктугунан өкүнүчкө толгон ырларын чыгарган.

Сибирден кайтып келгенден кийинки ырларынын ичинде уулу Топчубай каза болгонун уккандан кийинки чыгарган кошок түрүндөгү "Балам жок" аттуу ыры бар. Бул ырды Токтогулдун замандаштары жана шакирттери Эшмамбет, Калык, Коргоол, Алымкулдар көп кайталап ырдашкан.

Совет доорунун башталышы менен Токтогул "Жашасын совет өкмөт!", "Кандай аял тууду экен Лениндей уулду" сыяктуу салтанаттуу мактоо ырларын жаңы заманга арнап ырдаган.

Токтогулдун өмүрүнүн акыркы жылдарында жаралган "Бала элем", "Карылык" сыяктуу арман ырлары анын шакирти Атай Огомбаевдин аткаруусунда жазылып калган. Аларда акын үнү булбулдай таңшыган жаштыгын эскерип, арман кылганы менен акылман карыя катары жаштарга өз насаатын да айткан.

Аргымакты жаман деп,

Бууданды кайдан табасың?

Агайынды жаман деп,

Тууганды кайдан табасың?

Тууганына батпаган,

Душманына жалынат.

Болбос жаман арамза

Болумсуз ишке малынат.
Кийинкисин ойлобой,
Кишинин көөнү калынат.
Жакынына жакпаган,
Жат кишини жамынат.

Канды кудай ураарда.
Калкына жаман кас болот.
Байды кудай ураарда,
Дөөлөтүнө мас болот,
Кышты кудай ураарда,
Күн жылымдап, жаз болот.
Эрди кудай ураарда —
Элүүндө жаш болот.

Берекесиз байлардан
Бейил менен кун кетээр.
Жумуш кылсаң, мудаа кыл,
Иштей көрбө илдекер.
Кара санап бирди алсаң,
Колуңуздан миң кетер.
Чечилишип сырдашсаң,
Көкүрөктөн муң кетээр.
Баарың болсоң бир оздуу,
Душман кантип былк этээр.

Ак бараңдын кундагын
Аталбасаң, сунбагын,
Эрмин десең, душмандан
Эки көзүң жумбагын.
Өтүп кеткен иш үчүн
Өкүнүп балаң урбагын.

Көпкөн жигит көп сүйлөйт,

Чечен жигит эп сүйлөйт,
Билбестерге жыйында
Бир сүйлөөгө кеп тийбейт.
Жөн жүрбөгөн жигиттер
Көрүнгөндөн тепки жейт.

Ким көрүнгөн кекенип;
"Ушунуку өтү",–дейт,
Көз карашың бузулса,
Көргөн адам «көптү» дейт.

**Алыкул Осмонов.**

Таланты таш жарган акын Алыкул Осмонов Панфилов районундагы Каптал-Арык айылында 1915-жылы кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Ал жаш кезинен эле ата-энесинен ажырап, жетимдиктин азабын да, турмуштун кыйынчылыктарын да башынан өткөрөт. 1925-жылы Фрунзе шаарындагы балдар үйүнө кабыл алынат. Бир аздан кийин эле ал балдар үйү Токмок шаарына көчүрүлөт. 1925 - 1928-жылдары ошол балдар үйүндө тарбияланат. Мына ушул жерде адабий китептерге өтө кызыгып, өз алдынча ыр да жазып көрөт. Он төрт жашында Фрунзедеги педагогикалык техникумга кирип, анын алдындагы адабий ийримге катышып, орустун белгилүү жазуучуларынын чыгармалары менен таанышат. 1930-жылы "Сабаттуу бол" газетасынын сентябрь айындагы санында биринчи жолу анын "Кызыл жүк" деген ыры басылып, адабий тушоосу кесилет. Ушундан баштап анын ырлары газета, журналдарга үзбөй жарыяланат. 1933-жылы техникумду бүткөндөн тартып, ал биротоло чыгармачылык иштин артынан түшөт. Дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүн үзбөй окуп, билимин, тажрыйбасын тереңдетет. Бар бололу, түгөнбөйлү, курдаштар, Узак, узак, узак болсун бул сапар. Кылым бүтүп, дүйнөдөн жок болсок да, Кайра кайтып жолугушчу жолдор бар. Менин күнүм өлбөсүнө түңүлбөйт, Толкун урса тайызына сүрүлбөйт. Тирүүлүктө жоктугуна жол бербей, Жер түбүндө чирисе да, бир гүлдөйт. 1935 - 1950-жылдардын аралыгында ал ондон ашуун ыр китептин ээси болду. "Таңдагы ырлар", "Жылдыздуу жаштык", "Чолпонстан" , "Махабат" , "Жаңы ырлар", "Менин жерим - ырдын жери" деген жыйнактары жарык көрдү. "Мой дом" аттуу ырлар жыйнагы 1950-жылы Москвадан орус тилинде басылды. Бул китеп жалпы союздук окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынып, акындын атагын алыска таратты. Алыкул Осмонов эң мыкты котормочу да болгон. Ал Пушкиндин, Шекспир, Низами, Шота Руставели сыяктуу дүйнөлүк адабияттын алптарынын көркөм дүйнөсү менен кыргыз окурмандарын биринчилерден болуп тааныштырат. Айрыкча улуу акын Шота Руставелинин "Жолборс терисин жамынган баатыр" поэмасынын Алыкул таржымалдаган котормосу аңызга айланып, атпай Ата Журтубуздун бүт булуң-бурчуна жетти. Шекспирдин "Отелло" , "Он экинчи түн" сыяктуу драмаларын да кыргыз көрүүчүлөрү анын котормосу боюнча сахнадан көрүүгө мүмкүнчүлүк алышты. Улуттук сөз өнөрүнүн бүгүнкүсү менен эртеңкиси туурасында ойлонуу, өзүнө талап коюу А. Осмоновду көп нерсеге милдеттендирди. Ошондуктан мурдагы жазгандары такыр жакпай, өз жараткандарын өзү жериди. Нечен толгонуудан кийин басмага даярдаган ырларынын жаңы жыйнагын өрттөп да жиберди. Бул үчүн чоң жүрөк, ашкере баатырдык керек эле. Алыкулда андай касиет, сапаттардын баары бар болчу. Анын чыгармачылыгынын бурулуш учуру да дал ушул жылдарга туура келди. Бирок ажал арбайган ач колун ага сунуп, өлүм жакындап, суусу түгөнө берди. Ашкере айкөл, ташкындаган таланттын туз-насиби 35 жылга гана өлчөнгөн экен, залкар акын 1950-жылы 12-декабрда дүйнөдөн кайтты. Калемдеш жана замандаштарына караганда Алыкул Осмоновдун таланты да, тагдыры да бөлөкчө. "Кудайга миң мертебе калп айтса да, ырына бир жолу да калп айта албаган" бул акын өзүнүн керемет поэзиясы менен адамдардын жүрөгүнө жашоонун не бир ажайып сулуулугун, кымбаттыгын жеткире алган. Акын мөлү Алыкул өз өмүрүн ырсыз элестете алган эмес. Ошондуктан өмүрүнүн акырына чейин поэзияны ыйык туткан. Кудурети күчтүү табияттан анын сураганы да бир гана нерсе эле. Ал ыр болчу: Мен турмушта сараң, ачкөз эмесмин, Өктөө кылып: "Ай, аз бердиң, - дебесмин. Байлык, үй-жай, ден соолуктан ардактуу, Мага берсе, эки сабак ыр берсин. А. Осмоновдун акындык жана адамдык сапатын мына ушул төрт сап ыр эле аныктай алат. Ал өмүр бою бул шертинен тайган жок. Улуу адамдар кайталангыс таланты менен өздөрүн өлбөс кылып жаратышат. Алыкул да ошондой таланттардын катарына кирет. Бар бололу, түгөнбөйлү, курдаштар, Узак, узак, узак болсун бул сапар. Кылым бүтүп, дүйнөдөн жок болсок да, Кайра кайтып жолугушчу жолдор бар. Менин күнүм өлбөсүнө түңүлбөйт, Толкун урса тайызына сүрүлбөйт. Тирүүлүктө жоктугуна жол бербей, Жер түбүндө чирисе да, бир гүлдөйт. Бул саптарды окуганыңда Алыкул Осмонов сенин жаныңда баягыдай эле тирүү бойдон тургансыйт, чыныгы поэзияга тизе бүгүп, таазим кылууга аргасыз кылат. Таланты таш жарган акын Алыкул Осмонов Панфилов районундагы Каптал-Арык айылында 1915-жылы кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Ал жаш кезинен эле ата-энесинен ажырап, жетимдиктин азабын да, турмуштун кыйынчылыктарын да башынан өткөрөт. 1925-жылы Фрунзе шаарындагы балдар үйүнө кабыл алынат. Бир аздан кийин эле ал балдар үйү Токмок шаарына

көчүрүлөт. 1925 - 1928-жылдары ошол балдар үйүндө тарбияланат. Мына ушул жерде адабий китептерге өтө кызыгып, өз алдынча ыр да жазып көрөт. Он төрт жашында Фрунзедеги педагогикалык техникумга кирип, анын алдындагы адабий ийримге катышып, орустун белгилүү жазуучуларынын чыгармалары менен таанышат. 1930-жылы "Сабаттуу бол" газетасынын сентябрь айындагы санында биринчи жолу анын "Кызыл жүк" деген ыры басылып, адабий тушоосу кесилет. Ушундан баштап анын ырлары газета, журналдарга үзбөй жарыяланат. 1933-жылы техникумду бүткөндөн тартып, ал биротоло чыгармачылык иштин артынан түшөт. Дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүн үзбөй окуп, билимин, тажрыйбасын тереңдетет. 1935 - 1950-жылдардын аралыгында ал ондон ашуун ыр китептин ээси болду. "Таңдагы ырлар", "Жылдыздуу жаштык", "Чолпонстан" , "Махабат" , "Жаңы ырлар", "Менин жерим - ырдын жери" деген жыйнактары жарык көрдү. "Мой дом" аттуу ырлар жыйнагы 1950-жылы Москвадан орус тилинде басылды. Бул китеп жалпы союздук окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынып, акындын атагын алыска таратты. Алыкул Осмонов эң мыкты котормочу да болгон. Ал Пушкиндин, Шекспир, Низами, Шота Руставели сыяктуу дүйнөлүк адабияттын алптарынын көркөм дүйнөсү менен кыргыз окурмандарын биринчилерден болуп тааныштырат. Айрыкча улуу акын Шота Руставелинин "Жолборс терисин жамынган баатыр" поэмасынын Алыкул таржымалдаган котормосу аңызга айланып, атпай Ата Журтубуздун бүт булуң-бурчуна жетти. Шекспирдин "Отелло" , "Он экинчи түн" сыяктуу драмаларын да кыргыз көрүүчүлөрү анын котормосу боюнча сахнадан көрүүгө мүмкүнчүлүк алышты. Улуттук сөз өнөрүнүн бүгүнкүсү менен эртеңкиси туурасында ойлонуу, өзүнө талап коюу А. Осмоновду көп нерсеге милдеттендирди. Ошондуктан мурдагы жазгандары такыр жакпай, өз жаратгандарын өзү жериди. Нечен толгонуудан кийин басмага даярдаган ырларынын жаңы жыйнагын өрттөп да жиберди. Бул үчүн чоң жүрөк, ашкере баатырдык керек эле. Алыкулда андай касиет, сапаттардын баары бар болчу. Анын чыгармачылыгынын бурулуш учуру да дал ушул жылдарга туура келди. Бирок ажал арбайган ач колун ага сунуп, өлүм жакындап, суусу түгөнө берди. Ашкере айкөл, ташкындаган таланттын туз-насиби 35 жылга гана өлчөнгөн экен, залкар акын 1950-жылы 12-декабрда дүйнөдөн кайтты. Көзү өткөндөн кийин, 1964 - 1967-жылдары чыгармаларынын үч томдугу жарык көрдү. 1984 - 1986-жылдары ырлары, котормолору, поэмалары менен драмалары кайрадан үч томго топтоштурулду. Күн өткөн сайын өзүнө койгон талабы катаалдап, акын улам жаңы бийиктикти самап, поэзиянын улам жаңы аралдары менен жээктерин ача берди. Ошенткен сайын анын адам менен Ата Журтка болгон сагыныч-кусалыгын билдирген, жашоо менен өмүргө кумары канбаган ырларынын ажары ачылып чыга келди. Акындын мындай тематикадагы не бир укмуштуу, не бир азем керемет сулуулугу, кооздугу менен өзүнө куштар кылып, төбөсү асман тиреп, шоодурап менменсинген мырза теректи эске салат. Бирок ал өмүрү өткөнчө өзүнүн чыгармаларына канааттанган жок, улам жаңы, жакшыларды жараткысы келди. Мына ушул умтулуу аны ыр жазууга гана эмес, жашоого да шыктандырды. Ошондуктан акын өзүн аябады, жанын жай таптырбай жабыркаткан ооруга карабай, күрс-күрс кан жөтөлүп отуруп да, кара жанын карч уруп, бир сап ыр үчүн түн күзөп көшөрө эмгектенди. Жогорку талап, тынчтык бербеген тынымсыз изденүү Осмоновдун чыгармаларын кулач жеткис, асман мелжиген алп чынарга айландырды. Дүпүйгөн чынардын сансыз бутактары бар сыңары А. Осмоновдун керемет поэзиясынын мазмуну да ар түрдүү жана өтө бай. Анда бирде Ата Журттун асылдыгы, ага деген сүйүүнүн ыйыктыгы даңкталса, бирде адам баласын дүйнөнүн ээси кылуудагы кудуреттүү эмгек ырдалат. Анын чыгармаларында кээде өмүр менен өлүм бой тирешип тура калат да, анан акын өмүрдүн улуулугун жана түбөлүктүүлүгүн не бир мукам кайрыктарга салат. Сүрөткердин кимдиги, кандайлыгы анын чыгармаларынын санында, тематикасынын ар түрдүүлүгүндө эмес, анда камтылган ой менен сезимдин күчтүүлүгүндө, жасалмалуу эмес табигыйлыгында, баарынан мурда, ал көркөм дүйнөнүн насили, нарк баасында жатат. Улуу акын үчүн майда, кичине деген нерсе болбойт, демейки окурман үчүн байкалып, кармалбаган нерседен ал ааламды кучагына сыйдырып, адамды түйшөлтүп ойлонууга аргасыз кылган улуулукту көрө алат. А. Осмонов деле башка акындар эмнени ырдаса, ошол нерселер жөнүндө ырдады, бирок башкача ырдады. Ал чыныгы поэзияны жалтыраган кооз сөздөрдөн, болбосо Ата Журт деп өпкө-жүрөгүн чаап, көкүрөк койгулоодон издебеди, анын поэзиясы ар бирибиздин жүрөгүбүздө уялаган, бирок оңой менен бере албаган букту, ойду таап, козгой алды. Ошондуктан

Осмоновдун ырларын окуганда, ал ырлар сенин жүрөк сезиминден жаралгандай болот. Акын адамдардын купуя жүрөк сезимин айттырбай туюп, билип тургандай. Анын ырларынын керемет сыры дал ушунда. Ар бир адамга Ата Журт кымбат. А. Осмоновдун ырларын окуганыңда, Ата Журт менен акын бири-бирине ээрчишип жүргөн ата-баладай көз алдыңа тартыла калат. …Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүүрсүң, Кыш да катуу… бороон улуп, кар уруп… Суугуңду өз мойнума алайын, Жол карайын, токтой турчу, Ата Журт! Бул саптар А. Осмоновдун белгилүү "Ата Журт" деген ырынан. Анын алгачкы эки сабын окуганда ырдын Ата Журтка арналып жаткандыгын сезбейсиң, ал саптар кадимки эле камкор эненин жалгыз перзентин алыс сапарга узатып жаткандагы мээримин элестетет. Ырдын акыркы эки сабын окуганыңда гана анын Ата Журтка арналып жаткандыгын билип, айлананды өзгөчө сүйкүм менен эрксиз бир карап аласың. Анан жүрөгүңдө сөз менен айтып жеткире алгыс Ата Журтка деген сезим пайда болот да, туулган жердин элеси калдайып көз алдыңа тартыла түшөт. Ата Журтту аргасыздан өзүңдүн эң бир жакын, бир ыйык адамыңдай элестетесиң. "Бүт дартыңды өз мойнума алайын, сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт" деп, анын алдында адамдык парзыңды кылчактабай аткаргың келет. Ошентип акын Ата Журттун кооздугун, кымбаттыгын шөкөттөп-мактап да отурбайт, сенсиз жашай албайм деп жалынып-жалбарбайт. Бар болгону мээрман эненин күндө айтыла берип, анчалык элес да алынбай калган демейки сөзүн кайталоо менен гана чектелген. Бирок ушул карапайым сөздө камтылган эл-жерге болгон чыныгы сүйүү бизди аргасыздан өзүнө тартат, Мекен ааламдагы эң ыйык нерсеге айланат. Акындын "Ата Журтун" өзүнүн жалгыз кызына арнаган "Бөбөккө" деген ырынан жана жалгыз уулун күтүүдөн тажабаган Миңбай чал жөнүндөгү "Жеңишбек" аттуу поэмасынан ажыратып кароого болбойт. Булар бири экинчисин толуктап турат. Жаштайынан жалгыздыктын жабырын тарткан акын зарыгып жүрүп кыздуу болот. Ал төрөлгөндө күнү-түнү наристенин жанынан чыкпай, бир канча күн ага ысым издеди, акыры Жыпар деген ат көңүлүнө туура келди. Жыпары бар болгону он беш гана күн жашап, чарчап калды. Ал өзүнүн бул күйүтүн поэмага тете "Бөбөккө" деген ырында төктү. Күчтүү күйүттөн жаралган бул ырды акындын керт башынын арманы катары кароого болбойт. Анда жалпы эле адамзаттын балага болгон ыйык сезими, түбөлүктүү сүйүүсү берилген. Өмүр менен турмуш, жашоо менен тиричиликке арналган мындай мазмундагы ырлар акындын чыгармачылыгында өзгөчө бир өзөктү түзүп, орчундуу орунду ээлейт. Чыныгы талант өмүр бою өзүнө наараазы болуп жүрүп өтөт. Бир чети мүлдө кыргыз көтөрө алгыс ыр килемин кирпик менен согуп, бардыгынан таанып, ырдан танбаган Алыкул да өзүнө ыраазы болбой, поэзиянын түпсүз терең көлүндө чабак уруп олтуруп, стол үстүндө ыр жазган калыбында, бар болгону отуз беш жаш курагында кете берди.

**ОТУЗ ЖАШ**

Ырас, өмүр кандай кыска, кандай аз…
Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас.
Бирок чиркин аздыгына мейли эле,
Анын октой тездигине катат баш.
Кечээ гана тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш?

Токточу өмүр, токточу өмүр, токтой тур!
Көзүң чуңкур, өңүң кансыз, сары сур.
Тил албассың, жоголо бер, кете бер,
Сенден күчтүү, сенден өжөр бул учур.
Он беш жолу улам кайра туулуп,
Он беш жолу жашарбасам, карап тур!

**ЭСКЕРМЕ**

Билбейм, кандай, эмне ойдо экен катарым?
Мен өзүмдүн тагдырыма капамын.

Заманымдын керегине жарабай,
Эрте кургап, муздап бара жатамын.
Мен жашадым өз күнүмө таарынбай,
Кара тилек, жаман ойго багынбай.
Түк билинбей өтүп кетет окшоймун,
Бир кеченин жаап кеткен карындай.

**АТА ЖУРТ**

Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүүрсүң,
Кыш да катуу… бороон улуп, кар уруп…
Суугуңду өз мойнума алайын,
Жол карайын, токтой турчу, Ата Журт!

Түндөр жаман… кырсык салып кетпесин,
Наалат келип, ат тизгинин шарт буруп…
Азабыңды өз мойнума алайын,
Из карайын, токтой турчу, Ата Журт!

Жазда башка… Жел тийбесин абайла,
Көпкө турбас мобул турган сур булут.
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт!

**БАР БОЛГУЛА**

Бар болгула, түгөнбөйлү, курдаштар,
Узак, узак, узак болсун бул сапар.
Кылым бүтүп, дүйнөдөн жок болсок да
Кайра кайтып жолугушчу жолдор бар.

**КОШТОШУУ**

Кайда жүрбөйт эр жигиттин жаш башы,
Кайда калбайт сүйгөн жардын көз жашы.
Алыс сапар кең Маскөөгө жол алып,
Коштошорго толкуну жок көл жакшы.

Аман болсун эр жигиттин жаш башы,
Неге керек сүйгөн жардын көз жашы.
Жолтоо кылып «кош» дегенди угузбай,
Коштошордо күздүн күнкү жел жакшы.

Кайда жүрбөйт эр жигиттин жаш башы,
Кимге керек ата-эненин көз жашы.
Эгер «кел» деп Ата Мекен чакырса,
«Аманбыдан» «кош» деп айткан сөз жакшы

**Барпы Алыкулов-философ акын**

**Өмүр баяны**

Барпы Алыкулов (1884-1949) Жалал-Абад облусуна караштуу Сузак районунун Ачы кыштагында 1884-жылы дүйнөгө келди. Атасы Алыкул, анын атасы Шамурза тегинен жарды, кембагалдын тукуму болгондуктан, ар кимге жалчы жүрүп өмүр өткөрүштү. Барпы да эс тарткан Мадалы, Назарбай деген байлардын малын багып, отунун алып, күлүн чыгарды.Кийин Ысакбайда малай болуп жүргөн. Барпы бала кезинде башынан кечирген күндөрү жөнүндө "Мен көргөн күндөр" деген ырында минтип эскерет:

Атакем мени сүйүп, балам деди,

Ач калдык, сени малай салам деди.

Ошентип Назарбайга болдум малай,

Малайлык туткунда жүрдүм далай.

Ушундай оор турмуш кечиргенине карабай Барпы ырчылык өнөргө эрте аралашты. Он алты жашка чыгып-чыкпай акындык даңкы эл арасында жайылды. Акындын өзүнүн айтымында атасы Алыкулдан "Залим хандар азабы" деген ырды үйрөнгөн. Ал ырда Кокон хандарынын катаалдыгы сындалат.Демек, Барпынын акын болушуна атасынын салымы бар десек болот.Барпы отуздан өткөнгө чейин малайлыкта жүрүп, Октябрь төңкөрүшү жеңгенден кийин гана эркин, өз алдынча жашады. Алдыңкылардан болуп жаны турмушту түптөп, көч башында болду. Союз кошчу жана өз ара көмөктөшүү топторунда кызмат өтөп, айыл кеңешинин орун басары да болуп жүрдү. Өткөн оор турмуш өз таасирин бердиби, Барпы 36 жаш курагында катуу ооруга чалдыгып эки көзү тең бүдөмүктөп калат.Даанышман акын 1949- жылы 9- ноябрында Фрунзе шаарында (азыркы Бишкек шаары) дүйнөдөн кайтты. Сөөгү калаанын түндүгүндөгү Ала-Арча көрүстөнүнө коюлган.

**Барпынын акын катары калыптанышы**

Барпынын чыгармачылык ишинин башталышы эки кылым тогошкон мезгилге туш келет. Акын Октябрь төңкөрүшүнө чейинки чыгармаларында элдин караңгылыкка кептелип,оор күндөргө туш болгонун, ал эми үстөмдүк кылган таптын өкүлдөрү өкүмүн өктөм жүргүзүп элди эзип жатканын, өзүнө окшогон жарды-жалчылардын күнүмдүк кунарсыз тирилигин ырдады. Чыгармачылык жактан такшалуу, ойдун конкреттүүлүгү, алдыга, келечекке болгон умтулуу, прогрессивдүү кадамдар акындын "Тендик бир күн жарк этер"деген ырынан ачык байкалат. Акын эс тарткандан эле социалдык теңсиздикти баамдап, эзилүүчү ким экенин ажырата баштайт. Ошондо эле анын ар кандай теңсиздикке, акыйкатсыздыкка, алдамчылыкка каршы сезим ойгонуп калганы чыгармачылык эволюциясынан даана байкалып отурат.

Барпы акын катары калыптанып отуруп, эми чыгармачылык тематикасын башка багытка бурду. Акындын "Алдамчы эшен", "Сукмолдо", "Мадалы ажыга", "Эмчилерге", "Эмне бар бул жерде", "Сопу" деген ырлары дин өкүлдөрүнүн ашкан алдамчылыгын ашкерелейт. Мунусу үчүн Барпы жазага да тартылып жүрдү. Бирок жеринен акыйкат адам ага болмок беле, аларды мыскылдап, тартынбай бетине чындыкты айтып, чыгармачылыгын бул багытта улам күчөтүп отурду. Барпыны "дин базар", мусулманчылыкка каршы адам деп айтууга болбойт. Ал мусулмачылыкты элден кем эмес туткан. Жогорку ырларында акын айрым молдо, сопу, эшендердин динге жамынып алып жасаган жагымсыз иш-аракеттерин, элди алдап, башын айлантып жатканын ашкерелеген.Барпынын мыкты акын катары улам калыптануусу анын сүйүү ырларынан да даана көрүнөт.

Ал сүйүү ырларын жаратуу үчүн чыгармачылык булак катары оозеки элдик сүйүү ырларына кайрылды. "Сүйүү - Барпынын жалындаган ички кумары менен тереңге да, бийиктикке да эркин чабытап, көңүл черин каалаганча жазып, бар акындык дараметин шакыратып төгүп ырдаган ыры. Акын махабатты канчалык эргүү менен ырдаган сайын, махабат да аны башка ырлардан ошончолук

бөлүп, бийиктете берет." (К.Даутов).
Барпынын махабат темасындагы "Гүл кыздар", "Мөлмөлүм", "Мырзайым", "Лөлүкан", "Буракжан", "Гөзал кыз", "Кара көз", "Ак дилбар", "Тартип", "Дилбарым", "Өзгөчөм", "Алтын", "Ак жылдыз" сыяктуу ырларын билебиз. Булар жалпы кыргыз акындар поэзиясындагы сүйүү лирикасынын жалпыга маалым классикалык үлгүлөрүнөн болуп калды.Барпы чыгармачылык жактан улам такшалып, калыптанып отуруп, кыргыз жергесине жаңы турмуштун келгенин ыр менен тосуп алды. Теңсиз замандын запкысын көп тарткан акын үчүн, жалпы эл үчүн бул үлкөн ийгилик жаңы доордун башталышы эле.

Октябрь жеңишин жар салуу менен акын ар кандай формадагы ырларды, таалим-тарбияга карк санат-насыяттарды жаратып, элди ак жашап, ак эмгек кылууга үндөп ырдай баштады. Анын чыгармачылыгынын акыркы мезгилдеринде кандуу согуш чыкты. Эми акын элине кайрат берип, эрдикке үндөдү. Жеңиштен соң элдин жаңытурмушу, жаркын тагдыры, келечек ээлери- жаштардын үмүт-тилегин ырга салды.Ошентип, Барпы акын катары улам торолуп, канат байлап калыптануу менен элдин турмушун: анын эки доор басып өткөн тарыхый жолун өз чыгармачыгында дамаамат чагылдырып отурду. Анын чыгармачылык эволюциясы эл турмушунун өнүгүшү менен эришаркак, бирге каралат.

**Мидин Алыбаевдин сатиралары**

**Алыбаев, Мидин** (1917–1959) - акын-сатирачы, драматург. Жумгал районунун Чаек айылында 1917-жылы туулган.

1930-жылдардын башында Фрунзедеги борбордук педтехникумга окууга кирет. 1936–1938-жж. «Ленинчил жаш» гезитинде иштейт. 1938 - 1940-жж. Советтик Армиянын катарында болуп, ак финдерге каршы согушка катышкан. Согуштан кийин республикалык гезит-журналдардын редакцияларында иштеген.

М.Алыбаевдин чыгармачылыгы педтехникумда окуп жүргөн кезинде башталып, «Сабаттуу бол» аттуу дубал гезитке ырлары үзүлбөй чыгып турган. 1937-жылы М.Алыбаевдин «Бактылуу жаштык» деген биринчи ырлар жыйнагы чыгат. Сатирачы катары «Акчүч» аттуу сатиралык жыйнагы жарык көргөн.

М.Алыбаевдин «Курорттогу окуя» аттуу көп актылуу комедиясы Кыргыз Мамлекеттик драма театрында коюлган.

Акын А.С.Пушкиндин, М.Ю.Лермонтовдун, Г.Гулямдын, В.Саяновдун, В.Маяковскийдин бир катар чыгармаларын которгон.

1939-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү болгон.

**Жарык көргөн китептери**

Кыргыз тилинде

Бактылуу жаштык: Ырлар жыйнагы. – Ф.: Кыргызмамбас, 1937. – 58 б.

Ырлар жыйнагы. – Ф.: Кыргызмамбас, 1938. – 58 б.

Жомокчу мерген. – Ф.: Кыргызмамбас, 1939. – 59 б.

Ырлар жыйнагы. – Ф.: Кыргызмамбас, 1947. – 52 б.

Жаңы ырлар. – Ф.: Кыргызмамбас, 1949. – 45 б.

Акчүч: Сатиралар жана лирикалык ырлар. – Ф.: Кыргызмамбас, 1957. – 122 б.

Эмне үчүн короз таң алдында чакырат?: Бөбөктөр үчүн. – Ф.: Кыргызокууседмамбас, 1958. – 17 б.

Эмне үчүн короз таң алдында чакырат?: Бөбөктөр үчүн. – Ф.: Кыргызокууседмамбас, 1959. – 20 б.

Эки бүркүт: Тестиер балдар үчүн. – Ф.: Кыргызокууседмамбас, 1959. – 20 б.

Чыгармаларынын бир томдугу. – Ф.: Кыргызмамбас, 1964. – 443 б.

Ачылбаган кат: Аңгемелер, очерктер жана фелъетондор. – Ф.: Кыргызмамбас, 1964. – 261 б.

Мергенчи. – Ф.: Кыргызмамбас, 1961. – 444 б.

Жарык көрбөгөн каттары: Аңгемелер, очерк, сатира жана фельетон-дор. – Ф.: Кыргызмамбас, 1964. – 262 б.

Кызыл жылдыз: Өспүрүмдөр үчүн ырлар – Ф.: Мектеп, 1971. – 63 б.

Жомок: Мектеп жашына чейинки балдар үчүн. – Ф.: Мектеп, 1965. – 31 б.

Тандалган ырлар. Түзгөн: сЖ.Кудайбергенова. – Ф.: Кыргызстан, 1967. –198 б.

Жомокчу мерген: Аңгемелер. – Ф.: Мектеп, 1968. – 48 б.

Пьесалар. – Ф.: Кыргызстан, 1972. –172 б.

Жомокчу мерген: Аңгемелер жана сатиралар. – Ф.: Кыргызстан, 1974. – 222 б.

Акчүч. – Ф.: Кыргызстан, 1975. – 21 б.

Тандалган чыгармалар : Ырлар, сатиралар, эпиграммалар. – Ф.: Кыргызстан, 1977. - 207 б.

Карыган дубду канаттуулар кантип сакташты. – Ф.: Мектеп, 1980. – 7 б.

Ачылбаган кат: Аңгемелер, очерктер, сатиралар. – Ф.: Мектеп, 1982. – 224 б.

Мидин: Ырлар, поэмалар, сатиралар. – Ф.: Кыргызстан, 1984. – 31ошл1 б.

Ачылбаган кат: Аңгемелер жана сатиралар. – Ф.: Кыргызстан, 1987. - 200 б.

Мидин: Ырлар жана поэмалар. – Б.: Кыргызстан, 1996. – 220 б.

Медер: Ырлар. – Б.: Бийиктик, 2008. – 260 б.

Орус тилинде

Разговор с современником: Сборник стихов. – Ф.: Киргизгосиздат, 1958. – 114 с.

Как птицы спасли старый дуб: Сказка. – Ф.: Мектеп, 1980. – 12 с.

Котормолору

Саянов В.М. Ленин Горкиде: Поэмалар жана ырлар. – Ф.: Кыргыз-мамбас, 1952. – 32 б.

Гулям Гафур. Акмат жаман бала эмес, бирок…: Аңгеме. – Ф.: Кыргыз-мамбас, 1953. – 14 б.

Ырлар: Орус элинин ырлары. – Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1956. – 16 б.

Пенджаб акындары: Ырлар. – Ф.: Кыргызмамбас, 1958. – 36 б. (Авторлош).

## Чыңгыз Айтматовдун дүйнөлүк адабияттагы орду

**Чыңгыз Төрөкулович Айтматов** (1928-2008) — кыргыз жана орус тилдеринде жазган советтик жана пост-советтик жазуучусу, Кыргыз ССРнин эл жазуучусу (1974), Социалисттик Эмгектин Баатыры (1978), Кыргыз Республикасынын Баатыры.

Балалыгы

Чыңгыз Төрөкулович Айтматов 1928-жылы 12-декабрда азыркы Кыргыз Республикасынын Талас облусунун Кара-Буура районундагы Шекер айылында мамлекеттик кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Ал кезде Шекер айылы ССРСдин РСФСРинин Кыргыз АССРинин Талас кантонунда болчу. Чоң атасы Айтмат кыргыздын кытай уруусунан чыккан бай кишининуулу болгон.

Атасы Төрөкул Айтматов адегенде 1927-жылдан тартып, 1932-жылга чейин большевиктер партиясынын Жалал-Абад кантонунун биринчи катчысы, андан соң Кыргыз обкомунун катчысы болгон. Андан соң Төрөкул 1937-жылы репрессияланып, 1938-жылы жазыксыз жерден "пантүркист" катары атылып кеткен. Эл ичинде кадыр-барктуу, көрүнүктүү адамдардан болгон.

Апасы Нагима Хамзеевна Айтматова - теги боюнча татар. Чыңгыздын таятасы Хамза - караколдук бай жана айдың татар соодагери болгон. Азыр да Каракол шаарында Хамзанын эки кабат үйү сакталып турат. Нагима жергиликтүү театрда актриса болгон. Билимдүү, эл оозуна алынган, акылдуу аялдардан болгон.

1942-жылы II Дүйнөлүк согуштун кесепетинен Чыңгыз Айтматовго мектепти убактылуу таштоого туура келет. Ал убакта Айтматов 14 жашта эле. Шекер эли аны кат-сабаттуу болгондуктан айыл өкмөтүнүн катчысы кылып шайлап коёт. Ошол кезде жаштардын арасында кирилче кат тааныган улан-кыздар саналуу гана эле (калгандары кыргыздын арапча же латынча жазмаларын билишкен).

Жаш Чыңгыздын башына кыйынчылыктар түшөт. Бирок ал баарына чыдамкайлык менен туруштук бере алды..

Андан кийин ошол эле согуш жылдарында райондук салык чогултуучу болуп иштейт. Айыл калкынан салык чогултат. Бирок согуш маалында ага салык чогултуу оңойго турган жок. Бир жылдан кийин, 1944-жылы август айында бул ишин өз эрки менен таштайт да, тракторлук бригаданын эсепчиси болуп иштейт.

1946-жылы, сегизинчи классты аяктагандан кийин Жамбылдагы зооветеринардык техникумга окууга өтөт.

Жетилген курак. Совет доору

1948-жылы техникумду мыкты аяктап бүтүргөндөн кийин Кыргыз айыл-чарба институтуна окууга кирет. Аны дагы 1953-жылы мыкты аяктайт.

1959–1965-жж. орусча "Литературный Кыргызстан" журналынын баш редактору болгон.

"Правда" гезитинин кабарчысы да болуп иштеген.

1988–1990-жж. Москвада чыгуучу "Иностранная литература" журналынын баш редактору болгон.

Коомдук иштерди да аткарган.

1964–1986-жж. Кыргызстан Кинематографисттер Биримдигинин Биринчи катчысы болгон.

**1976–1990-жж. СССР Жазуучулар Биримдигинин Башкармалыгынын катчысы болгон.**

1986-жылдан - Кыргызстан Жазуучулар Биримдигинин Биринчи катчысы болгон.

1966-89-жылдары СССР Жогорку Кеңешини н депутаты болгон.

1989-91-жж. СССР Эл депутаты болгон.

Соңку өмүрү

1990-жылдардан баштап СССРдин жана Кыргыз Республикасынын дипломатиялык миссияларын башкарган.

2008-жылы октябрь айларында 80 жылдыгына карата Улуттук Компьтердик гимназиясына келген.

2008-жылы 16-майда Татарстанда сапарда жүргөн чагында бөйрөгүнүн иштебей калганына байланыштуу жазуучуну Германиянын Нюрнберг шаарынын ооруканаларынын бирине жеткиришет. Ал жакта 2008-жылдын 10-июнунда пневмония оорусунун кесепетинен жазуучу көз жумду.

**Үй-бүлөсү. Махабат айдыңында**

Чыңгыз Айтматовдун алгачкы жубайы - сүйүп алган жары Керез Шамшыбаева болгон. Керез 1930-жылы 10-августта Чүй облусундагы Он-Бир-Жылга кыштагында туулган. Атасы Шамшыбай Жакыпбай уулу Экинчи дүйнөлүк согушта набыт болгон. Керез Бишкектеги Медицина институтун, анын ординатурасын аяктап, кулак, тамак, мурун кенселдерин айыктыруу жаатындагы адис болгон. Чыңгыздан 1954-жылы Санжар, 1959-жылы Аскар деген уулдарды төрөгөн. 1980-жылдардын ортосунда Чыңгыз экөө тынч ажырашкан. Өмүрүнүн соңуна чейин Чыңгызга каршы пикир айтпастан, инсандын аруулугун, улуулугун көрсөткөн. Керез апа 1999-жылы 6-мартта бул жарык дүйнө менен кош айтышкан. Сөөгү Байтик айылына жакын көрүстөнгө коюлган.

Айтматовдун дээрлик бардык чыгармаларында махабат баяндалат. Чындыгында, окурмандарынын жүрөгүнө жеткен ал махабаттар ой-кыялдан гана жарала калган эмес. “Аскада калган аңчынын ыйы” аттуу китебинде Чыңгыз Айтматов: “Жашырганда не? Студент кезде, жаштык чакта бий аянтында, той-тамашада далай кыз менен таанышкан учурларыбыз болгон. Ошолордун ичинен өзүнүн жан сезими менен да, келбети менен да бүт эркимди бийлеген махабат өмүр бою эсимден кетпей калды. Ал – кыргыз искусствосунун маңдайына бүткөн чолпон жылдызы, атактуу бийчи Бүбүсара Бейшеналиева болчу...”- деп жазат.

Ч. Айтматов менен Бүбүсара Бейшеналиеванын махабаты тууралуу драматург жана режиссер Ж. Кулмамбетов "Чыңгыз менен Бүбүсайра" аттуу драма жазып, 2005-жылы Кыргыз мамлекеттик Б. Кыдыкеева атындагы ТЮЗда коюлган. Ал эми 2008-жылы ушул эле драманын негизинде Ж. Кулмамбетов "Чыңгыз менен Бүбүсайра" деген фильм тарткан.

Журналист Жаныбек Жанызак “Айтматовдун айымдары” аттуу китепче жазып, ал китепче калкка кеңири тарап кеткен. Жазуучу буга жооп кылып жогоруда аты аталган китебинде: “Уруксатсыз бирөөнүн жандүйнөсүнө үңүлүү жакшы адеп эмес. Мейли, өзүнө ылайык көрсө, жаза берсин. Кайсы жазмакердин каламына тоскоол болмок элек”- дейт да, кебин улай: “Керез – алгачкы жубайым. Жаштык, студенттик кездин алоолонгон кыйын ашууларын бирге аштык. Апам Нагима маркум экөө эне-кыздай сыйлашып, көп жыл турмуштун ачуу-таттуусун бирге татышты. Керезден Санжар, Аскар аттуу эки уул көрдүм. Өмүрүмдүн кайталангыс күлгүн курагын кайра жаралгыс таланттуу, акылдуу, ажарлуу айымдар коштоду”.

1980-жылдардын ортосунда Чыңгыз Айтматов азыркы жубайы Мария Айтматовага үйлөнгөн. Мария Айтматова Москва шаарында Бүткүл союздук мамлекеттик кинематография институтун аяктаган. Оболу Мария бир жапон жигитке турмушка чыгып, Жапонияда жашаган, кийин аны менен ажырашкан. Мария кыргызча, орусча, англисче мыкты билет.

Чыңгыз Айтматов Мариядан Ширин аттуу кыз жана Элдар аттуу уул көргөн.

**«Манас» жана Айтматов**

«Манас» эпосу профессионал жазуучулар үчүн жеке эле драматургия жаатында гана эмес, прозада, поэзияда көркөм булак болуп келүүдө.жана болгон окшойт корунот ко дейм

Прозада биринчи кезекте Ч. Айтматовдун эстетикалык ишмердүүлүгү өзгөчөлөнүп турат. Атактуу жазуучу улуу эпосту изилдеп, пропагандалап гана тим болбостон, анын сюжетин, идеяларын, көркөм каражаттарын чыгармаларында өтө билгичтик, чеберчилик менен пайдаланды.

К. Асаналиев мындай дейт: «Манас» Айтматовдун «көркөм акыл-зээнинде кандайдыр бир айрым үзүндүлөрү, кээ бир белгилери менен эмес, башайт».

«Манас» эпосун айтуу учурунда кунт коюп «манасчыдан угуп отуруп, ар бир сүрөттөө өз ордунда экенин көрүп, ар бир сүрөттөөнүн өзүнчө көркөмдүк системасы, көркөмдүк максаты бар экенин сезип, элдин көркөмдүк фантазиясына таң калбай койбойсуң» дейт Айтматов эпос жөнүндө ("Манас" энциклопедиясы. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, - 1995. 1-т.)

**Эстеликтер**

2011-жылдын 30-августунда Бишкектин борборундагы Ала-Тоо аянтынын түштүк тарабына Чыңгыз Айтматовдун айкели тургузулду.

Анын ачылыш аземине Кыргызстандын президенти Роза Отунбаева, премьер-министр Алмазбек Атамбаев, Жогорку Кеңештин төрагасы Ахматбек Келдибеков баштаган өлкө жетекчилери, Орусиянын президентининин администрациясынын класс жетекчиси Сергей Сарышкин, элчилер, коомчулук өкүлдөрү катышты.

## ТОКТОБОЛОТ АБДУМОМУНОВ

**Токтоболот Абдумомунов** – драматург, жазуучу, коомдук ишмер.Кыргыздын улуттук драматургиясына негиз салгандардын бири.

**Өмүр жолу**

Токтоболот Абдымомунов 1922-жылы Чүй облусунун Кемин районундагы Атаке кыштагында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган.
Бала кезинен эле атасынын агасы Рыспайдын комузун, жомокторун угуп чоңойгон.
1938-жылы Фрунзедеги медициналык окуу жайга кирип, кийин Жошолу айылдык советинде фельдшер, пункт башчысы болуп эмгектенет.
1939-жылы КР мамлекеттик медициналык институтка өтүп, 3-курстан оорусунун айынан аны

таштоого мажбур болот.
Студент кезинде эле Т.Абдымомуновдо театрга көп ирээт барып, сахна өнөрүнө болгон чоң сүйүүсүн арттырат.
Чыгармачылыгы "Кумдуу чап","Курман" пьесалары менен башталат.
Т.Абдымомунов өмүрүнүн акырына чейин отузга чукул драмалык чыгармаларды жаратып, пьесалары кыргыз театрларынын сахналарынан түшпөй байма-бай коюлуп турган.
Т.Абдымомунов чыгармачылык менен бир катар эле коомдук иштерди да активдүү жүргүзгөн инсан. Ал 1959-1971-жылдары Кыргызстан жазуучулар союзунун 1-секретары, 1974-1987-жылдары Кыргызстандын театрлар коомунун төрагасы болуп эмгектенген.
Көзү өткөндөн кийин улуттук драматургия жаатында эң мыкты пьесаларга бериле турган Кыргыз Республикасынын Токтоболот Абдымомунов атындагы адабий сыйылыгы уюшулган (1991-жыл).

**Чыгармачылыгы**

Токтоболот Абдымомунов

Т.Абдымомунов чыгармачылык менен бир катар эле коомдук иштерди да активдүү жүргүзгөн инсан. Ал 1959-1971-жылдары Кыргызстан жазуучулар союзунун 1-секретары, 1974-1987-жылдары Кыргызстандын театрлар коомунун төрагасы болуп эмгектенген.
Көзү өткөндөн кийин улуттук драматургия жаатында эң мыкты пьесаларга бериле турган Кыргыз Республикасынын Токтоболот Абдымомунов атындагы адабий сыйылыгы уюшулган (1991-жыл).
Т.Абдымомунов чыгармачылык менен бир катар эле коомдук иштерди да активдүү жүргүзгөн инсан. Ал 1959-1971-жылдары Кыргызстан жазуучулар союзунун 1-секретары, 1974-1987-жылдары Кыргызстандын театрлар коомунун төрагасы болуп эмгектенген.

Кыргыз ССРинин искусствого эмгек сиңирген ишмери
Кыргыз эл жазуучусу
Кыргыз ССРинин Токтогул Сатылганов атындагы мамлекеттик сыйлыгынын ээси.

1.Кептин түрлөрүн белгиле.

А)баяндоо,сүрөттөө,жазуу

**Б)баяндоо,сүрөттөө,ой жүгүртүү**

В)оозеки кеп,жазуу кеби

Г)илимий,көркөм,публицистикалык

2.Кептин формаларын белгиле.

А)баяндоо,сүрөттөө

**Б)оозеки,жазуу**

В)илимий стиль,көркөм стиль

Г)сөз,сүйлөм,абзац

3.Муун,басым,паузаны изилдеген тил илиминин тармагы белгиле.

**А)фонетика**
Б)синтаксис
В)пунктуация
Г)орфография

4.И тыбышына туура жүргүзүлгөн фонетикалык талдоо
**А)и-кыска,кууш,ичке,эринсиз үндүү**
Б)и-жоон,кен,кыска,эринчил үндүү
В)и-кыска,кен,жоон,эринсиз үндүү
Г)и-созулма,кууш,ичке,эринсиз үндүү

5. «Күйөө» деген сөздө канча тыбыш бар.
А)5
**Б)4**
В)6
Г)3

6.Өпкөдөн чыккан аба ооз көндөйүндөэч кандай тоскоолдукка учурабай эркин чыгышынан пайда болгон тыбыштарды белгиле.
А)е,ё,ю,я,и,й,ь,ъ.
**Б)а,э,о,ө,у,ү,ы,и.**
В)м,н,ң,р,л,й,т,ж.
Г)б,в,г,д,ж,з,ф,к.

7.Кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөрдүн жалпы саны.
А)8
Б)12
**В)6**
Г)4
8.Тилдин катышына карай үндүүлөрдүн бөлүнүшү.
А)кен,кууш.
**Б)жоон,ичке.**
В)кыска,созулма.
Г)эринчил,эринсиз.

9.Эринчил үндүүлөр катышкан сөздү белгиле.
**А)жалбырак**
Б)уйку
В)мугалим
Г)жыйлоо

10.Созулма үндүүлөрдүн жазылышын белгилениз.
А)бир үндүү тамга менен
**Б)эки окшош үндүү тамга менен**
В)эки башка үндүү тамга менен

Г)башка тамгалар менен

11.Жалаң куш үндүүлөр катышкан сөздү белгиле.
А)аалам,ээр,көчө
Б)ичик,кыш,оор
**В)кыргыз,ийри,улуу**
Г)сыр,эчки,аска

12. «К» тамгасынын алфавиттеги ордун белгиле

А)10
**Б)12**
В)16
Г)23

13. «Алфавит» сөзү кабыл алынган тилди белгиле

**А)грек**
Б)орус
В)араб
Г)латын

14.Тыбыштык жагынан өзгөрүлүп айтылып,кабыл алынган сөздү белгилениз.
А)лампочка,свет
**Б)самоор,үстөл**
В)депутат,сессия
Г)рахмат,ырыс
15.Көп маанилүү сөздөрдү белгилениз

А)дептер,жаздык,китеп
**Б)көз,ат,баш**
В)арча,алтын,алма,асел
Г)көз,сөз,ат

16.Көп  маанилүү сөздөрдү белгилениз.

А)кара козу,кара тоо,кара суу
Б)кызыл сыр,аскер башы,тоонун башы
В)келегой,кара кой,койчу
**Г)эл башы,суу башы,башма баш**

17.Сөздөрдүн маанисин белгилениз:байлык,дунуйө.
А)ононимдер
**Б)синонимдер**
В)антонимдер
Г)көп маанилүү сөздөр

18.Омоним сөздөрдүн тизмегин белгилениз.

**А)жүз,кат,жаз,тарт**
Б)саат-сат,жан_жаан
В)жоон-жон,кон-коон
Г)алма,акча,аста,ачка

19.Антоним сөздөрдү белгилениз.

А)узун-бийк
**Б)күн-түн**
В)тез-бат
Г)татту-катуу

20.Берилген сөздөрдүн антонимин аныктаныз:**тез**

а)ылдам
б)бат
**в)жай**
г)катуу

21.Эркелетүү маанисинде айтылган сөздөрдү белгилениз.

А)жылдыз,калпычы
Б)кулунум,какшаал
В)алтыным,ажылдак
**Г)кубатым,секетим**

22.Зат атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү.

А)энчилүү жана жалпы
**Б)жөнөкөй жана татаал**
В)көптүк жана таандык
Г)туунду жана тубаса

23.Зат атооч сөздү белгилениз

А)адептүү
**Б)ишеним**
В)кызыл
Г)анткени

24.III жактын көптүк санындагы өткөн чак этишти белгилениз

А)иштеп отурушат
**Б)иштеп отурушкан**
В)иштеп жатат
Г)иштөөгө даярданууда

25.-лар … билдирүүчү мүчө

А)зат атоочту
Б)жекелик санды
**В)көптүк санды**
Г)сан атоочту.

26.-сы таандык мүчөнүн жагын белгилениз.

А)I

Б)II

В)I;II

**Г)III**

27.Энчилүү аттарга эмненин аталыштары кирет.

А)тамак-аштын аттары

Б)чөп-чардын аттары
**В)астрономиялык,географиялык аттар**
Г)буюм-тайымдардын аттары

28.Кошмок сөз түрүндөгү энчилүү зат атоочторду белгилениз

**А)Жаныл Мырза,Шабдан баатыр**
Б) «Манас» эпосу,таш комур
В) «Улан» кинофильм,жол башчы
Г)Эркин агай,Барпы ырчы.

29.Берилген сөз айкашынын байланышуу жолун белгилениз:Биз

А)Берилип иштейт
Б)таандык байланыш
В)башкаруу байланыш
**Г)ыкташуу байланыш**

30. «Үйгө барды» байланыштын түрүн аныктаныз.

**А)башкаруу**
Б)ээрчишүү
В)таандык
Г)ыкташуу

31. «Биздин класс» байланыштын түрүн аныкта.

А)ыкташуу
Б)ээрчишүү
В)башкаруу
**Г)таандык**
32.Таандык байланыштагы сөз айкашын белгилениз.

А)темир жол
Б)китепканага бардык
**В)мектептин бакчасы**
Г)биз келдик

33.Ыкташуу байланыштагы сөз айкашын белгилениз.

А)келгенден суроо
Б)сенин алмаң
**В)ажарлуу адам**
Г)жылдызды саноо

34.Ыкташуу байланыштагы сөз айкашын белгилениз.

А)каникул башталат.
Б)жалкоонун эртеңи
В)мектепке барышат
**Г)кызыл көйнөкчөн кыз**

35.Көмүскөдө калган сүйлөм ээсин белгилениз:Эмнеге келбейт.

**А)ал**
Б)биз
В)мен
Г)сен

36.Түзүлүшү боюнча ээнин түрүн белгилениз:Мен экинчи курстун курсантымын.

А)атоочтук
**Б)жөнөкөй**
В)ат атоочтук
Г)татаал

37.Туура жазылган сөздөрдү белгилениз

А)угалэк,баралэк,саруй,кар-өрүк
Б)тогуз кат,калгап,кeлелэк,денсоолук
**В)көрө элек,келе элек,козу карын,кара тору**
Г)тор-кашка,акөңүл,бышалек,сулу

38. Туура жазылган сөздөрдү белгилениз.

**А)учтуу,учту,сабиз,жетөө,күчтүү**
Б)уштуу,ушту,сабис,жетоо,күштүү
В)уштуу,учту,сабиз,жетөө,күчтү
Г)учтуу,уштуу,сабис,жетө,күчтү

39.Текстеги ойду эмне аныктайт.

А)аталышы
Б)планы
В)түзүлүшү
**Г)темасы,коюлган проблемасы**

40.Кыргыз тилиндеги диалектилердин бөлүшүн белгилениз

А)түндүк,батыш,чыгыш,
Б)түштүк,батыш
В)түштүк,чыгыш
**Г)түндүк,түштүк**

41.Эскирип,колдонуудан чыккан сөздөр,пассивдүү сөз катмары

**А)архаизмдер**
Б)неологизмдер
В)терминдер
Г)лексика

42.Архаизмдердин историзмдерден айырмасын белгилениз

А)айырмасы жок

Б)тарыхый гана чыгармаларда колдонулат

В)колдонуудан чыгып,эскирген создор

**Г)архаизмдер өздөрү эскирген болот да,түшүнүктөрү эскирбейт жана экинчи бир сөзгө алмашкан болот.**

43.Котормо сөздүктөн колдонулушу

А)сөздүн мааниси ачууда
Б)жергиликтүү тил өзгөчөлүгүн түшүнүүдө
В)сөздөрү айырмалоого
**Г)тил үйрөнүүдө**

44.Маани берүүчү сөздөрдүн так,жеткиликтүү берилгенин белгилениз

**А)жаны кирпич үй**
Б)жаңы
В)үй
Г)кирпич

45.Жатыш жөндөмөдө турган сөздү белгилениз

**А)китепканада**
Б)мугалимден
В)шаардан
Г)табактан

46.Сүйлөмгө туура келген сын атоочту белгилениз:Быйыл жаз … болду

А)адептүү
**Б)суук**
В)ызгардуу
Г)таттуу

47.Сын атоочтун синтаксистик кызматы

**А)аныктоочтук синтаксистик кызматы**
Б)баш мүчөлүк гана кызмат аткарат
В)айкындоочтук гана милдет аткарат
Г)заттын сын-сыпатын билдирет

48.Сын атооч сөздөрдү белгиниз

**А)көк,көгүш,көкала**
Б)кызылча,кызылгат
В)карала,күнкарама,казанча
Г)жашылча,жармаке,жарчы

49.Жай даражадагы сын атоочтун белгилениз

**А)тартиптүү**
Б)чылк семиз
В)кочкулураак
Г)жап жалгыз

50.Ойно,укта-бул сөздөрдүн сөз түркүмүн белгилениз

А)сын атооч
Б)ат атооч

**В)этиш**
Г)тактооч

51.Мамлекеттик тил боюнча мыйзам качан кабыл алынган?

А)1991-ж 31-октябрда
**Б)1989-ж 23-сентябрда**
В)2003-ж 5-майда
Г)1993-ж 2-октябрда
52.Тилдин катышына карай үндүүлөр кандай болуп бөлүнөт?
**А)кең:кууш**
Б)жоон:ичке
В)кыска:созулма
Г)эринчил:эринсиз

53.Мамлекеттик тил боюнча мыйзам кайсы жылы жаңыртылган?

**А)2004ж**
Б)2003ж
В)2002ж
Г)1991ж

54.Конференцияда окулуучу доклад кептин кайсыл стилине кирет?

**А)жазуу,илимий**
Б)оозеки
В)илимий
Г)иш кагаздар

55.Созулма үндүүлөр … муун түзөт?

**А)бир**

Б)эки

В)тыбышка карай

Г)муунга карай

56.Эринчил үндүлөргө кирген топту белгиле

А)а,у,э,и
**Б)о,у,оо,уу**
В)ы,и,э,ээ
Г)а,о,э,и

57.Кыргыз орфографиясынын «жаңы редакциясы» кайсыл жылы кабыл алынган?

**А)2002 ж 28-июнь**
Б)1998 ж 20 июль
В)2005 ж 30 июль
Г)2004 ж 25 июль

58.Орфография деген термин кайсы тилден кирген?

А)орус
**Б)грек**
В)түрк
Г)индоевропа

59.Кыргыз элинин музыкалык аспаптары  кайсылар?

А)гитара,скрипка
Б)пианино,саксафон
**В)комуз,ооз комуз,добулбас**
Г)балалайка,домбра

60.Ишеналы Арабаев канчанчы жылы туулган?
**А)1882 ж 7-июнь**
Б)1915 ж 10-апрель
В)1916 ж 5-май
Г)1887 ж 11-июль
61.Касым Тыныстанов канчачы жылы туулган?

**А)1901 ж**
Б)1882ж
В)1908 ж
Г)1905 ж

62.Касым Тыныстанов ким болгон?

А)биринчи секретарь
**Б)акын,драматург,журналист**
В)мугалим,саясатчы
Г)жөнөкөй адам

63.Ишеналы Арабаев ким болгон?

А)журналист
Б)акын,драматург
**В)коомдук ишмер,илимпоз**
Г)жазуучу

64.А.Осмонов канчанчы жылы жарык дүйнөгө келген?

**А)1915ж**
Б)1918ж
В)1912ж
Г)1927ж

65.А.Осмонов канча жаш жашаган?

А)30ж
**Б)35ж**
В)32ж
Г)37ж

66.Абийир кечирбейт драмасы канчанчы жылы чыккан?

А)1965ж
Б)1964ж
**В)1963ж**
Г)1961ж

67.Барпы Алыкулов канчанчы жылы туулган?

А)1886ж
Б)1901ж

**В)1884ж**
Г)1889ж

68.Чынгыз Айтматовдун эң акыркы чыгармасы?

А)кызмат
Б)Гулсарат
**В)Тоолор кулаганда**
Г)кассандра тамгасы

69.Ч.Айтматовдун чыгармасы канча тилге которулган?

А)150
**Б)165**
В)200
Г)100

70.Ч.Айтматовдун чыгармасын ким кыргызчалаган?

**А)Ашым Жакыпбеков**
Б)Төлөмүш Океев
В)Качкынбай Осмонов
Г)Тынчтыкбек Чоротегин

71.Ч.Айтматовдун алгачкы чыгармасы?

**А)гезитчи дзюйдо**
Б)бетме-бет
В)саманчынын жолу
Г)биринчи мугалим

72.М.Алыбаевдин биринчи сатирасы?

**А)ак чүч**
Б)бетме-бет
В)бактылуу жаштык
Г)эки бүркүт

73.Т.Абдымомунов канчанчы жылы жарык дүйнөгө келген.

**А)1922ж**
Б)1935ж
В)1735ж
Г)1839ж

74.М.Алыбаев биринчи ыр жыйнагы кайсы ыры болгон?

**А)бактылуу жаштык**
Б)адамзат
В)тирүүлүк
Г)ынтымак

75.Ч.Айтматовдун «Делбирим» повести канча жолуу басылып чыккан?

А)бир жолуу
**Б)эки жолуу**
В)беш жолуу
Г)басылып чыккан эмес.

76. Ч.Айтматовдун «Делбирим» повесиндеги башкы каармандар?

**А)Ильяз менен Асель**
Б)Дүйшөн менен Асель
В)Жумабек менен Айгуль
Г)Ишенбек менен Алымкан

77.Ч.Айтматов канчанчы жылы жарык дүйнөгө келген?

**А)1928ж**
Б)1935ж
В)1941ж
Г)1944ж

78.Ч.Айтматовдун «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» повестинин негизги идеясы?

**А)жашоодогу карама-каршылык**
Б)жашоого-болгон көз карашы
В)жашоо менен өмүр
Г)жашоого болгон кадам

79.Ч.Айтматовдун «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» повести качан чыккан?

**А)1980ж**
Б)1971ж
В)1928ж
Г)1955ж

80.Охотск денизинин жээгинде Нивх элинин турмушун сүрөттөлгөн чыгарма кайсы?

А)кыямат
Б)кассандра тамгасы
**В)дениз бойлой жорткон ала дөбөт**
Г)кылым карытар бир күн

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1-Б | 28-А | 54- А | 80-В |
| 2-Б | 29-Г | 55-А | |
| 3-А | 30-А | 56-Б | |
| 4-А | 31-Г | 57-А | |

| | | |
|---|---|---|
| 5-Б | 32-В | 58-Б |
| 6-Б | 33-В | 59-В |
| 7-В | 34-Г | 60-А |
| 8-Б | 35-А | 61-А |
| 9-А | 36-Б | 62-Б |
| 10-Б | 37-В | 63-В |
| 11-В | 38-А | 64-А |
| 12-Б | 39-Г | 65-Б |
| 13-А | 40-Г | 66-В |
| 14-Б | 41-А | 67-В |
| 15-Б | 42-Г | 68-В |
| 16-Г | 43-Г | 69-Б |
| 17-Б | 44-А | 70-А |
| 18-А | 45-А | 71-А |
| 19-Б | 46-Б | 72-А |
| 20-В | 47-А | 73-А |
| 21-Г | 48-А | 74-А |
| 22-Б | 49-А | 75-Б |
| 23-Б | 50-В | 76-А |
| 24-Б | 51-Б | 77-А |
| 25-В | 52-А | 78-А |
| 26-Г | 53-А | 79-А |

## Адабияттар

### Негизги адабияттар


1. Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. –Фрунзе, 1980;
2. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили. – Б.: 1998;
3. Давлатова С. Кыргыз тили. Медициналык колледжин студенттери үчүн. –Ош, 2016;
4. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. –Фрунзе, 1980;
5. Кыргыз адабияты. Антология. III, V, VII, VIII тт. –Бишкек, 2012;


### Кошумча адабияттар


1. Абдувалиев И. Этимология жана лексикография. –Бишкек, 2007;

**2.** Абдумомунов Т. Тандалган чыгармалар.”Кыргызстан”.-Фрунзе, 1973;
**3.** Айтматов Ч. Чыгармалар жыйнагы. –Фрунзе, 1982;
**4.** Айтматов Ч.Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. II том.“Улуу тоолор”. –Бишкек, 2014;
**5.** Ахматов Т., Аширбаев Т. Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. – Бишкек, 2001;
**6.** Ахматов Т., Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили. –Фрунзе, 1978;
**7.** Аширбаев Т. Орфографиялык эрежелер. – Ош, 2005;
**8.** Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 3-китеп. Бишкек, 2001;
**9.** Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 4-китеп. – Бишкек, 2004;
**10.** Барпы. Тандалмалар. Түзгөн: Т.Байзаков. –Фрунзе, 1984;
**11.** Жакыпбеков К., Токтомамбетов Э. Орусча-кыргызча медициналык сөздүк. Б-2014;
**12.** Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. –Фрунзе, 1979;
**13.** Жусуп Баласагын. Куттуу билим. – М.: 1993;
**14.** Иманов А. Кыргыз тили. –Фрунзе, 1990;
**15.** Каразакова З. Улуттук дөөлөттөр.-Ош, 2011;
**16.** Карасаев Х. К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. – Бишкек, 2015;
**17.** Касымбеков Т. Сынган кылыч. –Бишкек, 1998;
**18.** Киргизско-русские пословицы, поговорки и изречения. -Ф.; 1979;
**19.** Кыргыз совет энциклопедиясы. 1,2,3,4,5,6 т.т. – Фрунзе, 1976-80-жж.;
**20.** Кыргыз тилинин антонимдер сөздүгү. –Бишкек, 2015;
**21.** Кыргыз тилинин синонимдер, антонимдер, омонимдер сөздүгү. –Бишкек, 2015;
**22.** Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгү. – Ф.: 1986;
**23.** Кыргыз тилинин сөздүгү. 1-2-китеп. –Бишкек, 2011;
**24.** Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. – Ф.: 1980;
**25.** Медициналык энциклопедия. – Б.; 1991;
**26.** Мидин. Тандалган ырлар. Түзгөн: Ж.Кудайбергенов. –Фрунзе, 1967;
**27.** Осмонов А. Көл толкуну.-Фрунзе, 1972;
**28.** Осмонов А. Чыгармалар жыйнагынын үч томдугу. I-II тт. –Фрунзе, 1985;
**29.** Сапарбаев А. Азыркы кыргыз тили. Лексикология. –Бишкек, 2015;
**30.** Токтоналиев К., Токоев Т. Азыркы кыргыз тили. Синтаксис. –Бишкек,2015;
**31.** Үсөналиев С., Мусаева В. Кыргыз тили. –Бишкек, 1998;
**32.** Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. – М.; 1965;
**33.** Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. – М.; 1985;
**34.** Эл ырчылары.Кырг. ССР И.А., Тил жана адабият институту. Түз. С.Кайыпов. –Фрунзе,1981.